ГҮЛСҮН КИМСАН КЫЗЫ

# ӨЗӨКТӨГҮ




БАТКЕН—1998-ЖЫЛ.

ГҮЛСҮН КИМСАН КЫЗЫ

# ӨЗӨКТӨГҮ ӨРТ

(Аңгемелер)

Мурадил!
Сени Манас бабаңдын
арбагы колдосун!
-5.V.98

БАТКЕН—1998-ЖЫЛ.



**Гүлсүн Кимсан кызы 1951-жылы Карабулак айылында туулган. 1977-жылдан бери «Кызыл Туунун» алдайы кызматкери.**

**Акимибиз Дастанбек Бердиев районубузга жетекчи болуп келгенде «Кызыл Туунун» жамааты менен жолугушуп, таанышкан, ал-абалыбызды сураган. Аягында коштошуп жатып мага: «Гүлсүн чыгармаларыңды топтой бергин, китебиңди чыгарабыз. Демөөрчүлөрдү табууга жардам беребиз» деген эле. Ошондо китепчем азыр эле чыгып калгансып, жетине албай бир сүйүнгөнмүн. Дастанбек Бердиевичтин барчага барабар айкөл пейилине, чыгармачылыкты жогору баалагандыгына кубанып, буюрса өрүкзарлуу жергеме оомат келди го деп өзүмчө бир ыраазы болгонум эсимде.**

**Кийин дөөкар жигиттер «Заман» ЛТДнын башчысы Болот Абдылдаев, УОСтун начальниги Дөөтали Ибраимов, «Нур» ЛТДнын жана Граминбанктын башчысы Максатбек Дыйканов, өзүмдүн ишкер иним Шерали Закировдор айттырбай эле жардам беришти. Мен аларга чын жүрөгүмдөн ыраазымын.**

## ТУЙГУН КУШ ТУУРУН ИЗДЕП КЕЛЕТ

Ак эткенде гак эткен алыс жол. Ашуусу бийик жол азабын тарткан куштун коноор тууру али алыста. Ысык суугуна тосуккан чыдамкайлык анын талыкпас канатына күч кубат кошуп келерине ишеним бек. Карайлап, бийиктеп учкан сайын «Оо, жараткан, жар боло көр, ошого!» деп тилейсиң. Ошондо ишенимдүү учуп кеткен туйгун куштун туурунa сөзсүз жетет деген алдыңкы үмүт ишенимде кала бересин.

Биздин Баткен районунун чыгармачыл, өнөрман кыздарыбыздын бири жаш жазуучу Гүлсүн Кимсан кызы мына ушу чыгармачыл туурунa умтулган туйгун кушту эске салат. Оо, бул өнөргө алдын ала айтууга болбойт. Анын дөө-шаасына туштугар учур-кезең Гүлсүндүн пешене тагдырында бардыр. Алдын ала тон бычууга али эрте. Бирок ушунчалык жакшы жагым берген өксүк сезимдүү ширин-ширин аңгемелери ушу жыйнагына топтоштурулган.

Эмесе байсалдуу өнөргө жол баштаган жаш жазуучуга ак жол! Туурун издеп өнөр чабытында чалыкпас чарчоо билбе!

МУРЗАПАР ҮСӨН.

# ӨЗӨКТӨГҮ ӨРТ

Калыбек абышка шахтада иштеген уулунун үйүнө келип, дарбазанын коңгуроосун басты. Зыңгырап чакан салынган үйдөн жибек халатчан келин дарбазаны ачып, кайнатасын көрдү да чийилген каштары дирт эте, өңү сустая түштү.

—Арба балам...

—Келиң...

—Кандай, отурасыңарбы, балдарды чоңойтуп?

—А-а жакшы,-деди келини башка сөзгө келбей.

«Жактырбады» деген ой абышканын сезимин заматта аралап өттү.

—Атам келди! Атам келди!-деп эки небереси Азат менен Асыл жүгүрүп келишти.

—О айнанайын кулунчактарым, баатырларым, каттарип калыпсыңарго,-дей берген абышка кичик небересин бош колуна көтөрүп алды,-мурдуна ананайындарым. Бакчага барыбатасыңарбы, а?

—Барыбатабыз,-дешет балдар.

Калыбек абышка келинин муздак мамилесин сезсе да байкамаксан, тек неберелери менен убара. Салынып турган жакандозго отурар замат эки бала эки тизесине отурушту. Көздөрү чоң атасынын эски сумкесинде. Аны жана кирип келатканда столдун үстүнө койгон эле.

—Кундуз, онабы сумкедеги алмадан алып берчи буларга. Келини үндөгөн жок. Сумке шол жерде тура берди. Акыры чал өзү турду да сумкени ачып, эки чоң кызыл алманы алып экөөнүн колуна карматты. Ошол замат босогодо кумсарып турган келинин көрө койду, өзүн бир айыптуу иш кылгандай дабдырай түштү.

—Балам о сумкени ал...

—Шашпай эле турбайсызбы?-деди келини. Анан сумкени жийиркенгендей мурдун тырыштырып карман сыртка алып жөнөдү,—уф! Таза чаң турбайбы бул.

Чалдын ирeңи боп-боз болуп, ордуна келип отурду. Дүйнө бейкапар балдар алманы карсылдатып жеп жатышты. Сумкени сыртка коюп, кайра кирген келин дагы зиркилдеди:

—Тур быякка! Алма көрөлөктөй болбой! Же ач калдыңарбы?-балдарын колунан жулка жетелеп алып чыгып кетти. Чал өзү жалгыз калды. Балдарды шо бойдон киргизбеди. «Балдарды быякка киргизчи балам, сагынып келдим эле, шолордун божураган тилин угуп, черимди бир жазып алайын» деп деги айталбайт. «Шүкүрбек качан келет?» деген суроосу да ичинде калды. Келиндин берген чайы жүрөгүнө да барбады. Ошол арада наркы бөлмөдө телефон шыңгыраган-дай болду. Келин шашылып телефонду алды окшойт, шо бойдон кайтып кирбеди. Күбүр-күбүр деген үндөн анын сүйлөшүп жатканын билип отурду. Оо, далай убак өттү, балдар да кирбеди, чал зерикти. Эшикке чыгып шамалдагысы келди да, ордунан туруп акырын бөлмөдөн чыкты. Келини дале сүйлөшүп отурат, ал отурган бөлмөнүн эшиги кыя ачылып туруптур. «Каякта дейсиң, балээни кетеби, кетпейт. Жок, Шүкүрбек каяктан чакырсын, чакырган эмес, өзү шунтип келе берет сыгандай болуп» Чал босогодо турган бойдон катып калды, башынан муздак суу куйгандай денеси ичиркенди. Баарын түшүндү. Секин айбанга чыкса, сумкеси сөрүдө турат. Калтыраган колдору менен сумкенин ичиндеги неберелерине деп кемпири салып берген кып-кызыл алмаларды, өрүктүн куурулган данеги салынган баштыкты, каттама оролгон дасторконду алып сөрүгө койду. Сумкени бүктөй колтугуна кысып көчөгө чыкты. «Шүкүрбекти бир көрөйүн да, кечки автобус менен кетип калайын» деген ой менен уулу иштеген шахтаны көздөй жөнөдү.

Уулун бирөөдөн чыкыртып коюп, арык жээгиндеги мырза терекке сүйөнүп отура кетти. Жүрөгү сайгылашып, бүт денеси жанчылгандай кыйналды. Жаны жер тартып жаткысы келип турду. «Эмне балаа болду, табым айнып калдыбы» деди өзүнө-өзү күбүрөп. Аңгыча Шүкүрбек да келип калды.

—Оо, келиң ата! Келиң!-атасынын келгенине жаш баладай сүйүнүп, кучагын жая келди.

—Айланайын кулунум!- ата-бала кучакташып калышты. Чалдын көзүнө жаш тегеренди, уулуна эрээркедиби,-жанымдын кубаты,-деди көз жашын ирмеп.

Шүкүрбек атасынын кейип турганын сезди.

—Кандай ата, ден соолук жакшыбы? Апам жакшы отурабы? кыштак тынчпы?

—Кудайга шүгүр, баары тынч. Өзүң кандай? Бала-чакаң менен? Ишиң жакшыбы? Биргат болду деп угуп, апаң экөөбүз сүйүндүк. Бир барып келиң деп апаң жөнөттү эле.

—Кош келипсиз ата. Мен азыр...

—Жок, Шүкүрбек, мен кайтам. Кечки аптооз менен кетейин. Үйүнө кирдим, чай ичтим. Азат менен Асылды көрдүм.

—Ой, жок! Жок дегенде бир күн неберелериңиздин жанында жатпай кетесизби?

—Барайын балам. Дагы келермин. Кош эми балам...

Чал кетип калды.

x x x

Шүкүрбек Калыбек чалдын зарыгып жүрүп көргөн жалгыз уулу. Биринчи аялы төрөбөй кеткен. Андан кийин бир нече жыл жүрүп, Айзада деген күйөөдөн чыккан бир келинге үйлөнүп, андан ушул Шүкүрбеги көрүнгөн. Адеп Айзаданын боюна бүткөндө, сүйүнгөндөн өзүн коёрго жер таппай, аялынын көзү менен тең айланып, аебеттеп жүрдү. Өзү колхоздо суучу, күн-түн талаада жүрсө да эси-дарты аялында. Айзада убак-сааты жетип балапактай уул төрөдү, бирок, өзү ошондон кийин оорукчан болуп калды. Шүкүрбек коюшту баланын атын. Бала үнүнө зар болгон Калыбек кудайга миң ирет шүгүр келтирип, атын ошентип койду. Шүкүрбеги үч жашка чыкканда Айзада каза болду. Калыбек үчүн тагдырдын бул соккусу оор тийди. Өзү да атадан жалгыз, капат-бутак болоор бир тууганы жок. Эне-атадан да жаш калып, жетим ашын ичип чоңойгон. Эми Шүкүрбегимге жетим ашын ичирбеймин буюрса деди ал. Баланы бапестеп жакшы өстүрдү. Мектепке берди. Өзү талаада, баланын тамак ашына караар бир эне керек. Ошентип, наркы айылдан Бүгүл аттуу жашы отузга жетелек толукшуган келинди үйүнө киргизди. Ал 5 жашар Бакирбек деген уулун ээрчитип келди.

Бүгүл бул эшикке келип төрөбөдү. Буга Калыбек өкүнбөдү эки бала бар, кудай шуларга өмүр берсин деп койду. Канткен менен, өгөйдүн иши өгөй. Бүгүл Шүкүрбекке тымызын өгөйлүгүн кылып жүрдү. Оокаттын жакшысы Бакирбектики, кийимдин жакшысы да Бакирбектики. Эркелеп алчаңдаган, оюна келгенди кылган опсуз эрке болду Бакирбек. Кээде анын эркелиги башынан ашып кетчү. Шүкүрбекти башка-көзгө койгулап урат да, «Шүкүрбек мени уруп жатат» деп апасына арызданат. «Өзүңдөн кичине баланы неге урасың? Колуңду сындырып койбоюн, өлүгүңдү көрөйүн» деп сустайып, көзүнүн чаарын чыгарат Бүгүл. Мунун баарын бала болсо да Шүкүрбек ичине катып атасына айтпайт.

Мектепти бүткөндөн кийин башка балдардай окууга барам деген жок. Жакын шаарчадагы шахтыга жумушка кирип

кетти. Ал жерде иш оор экен, бирок, убагында айлык алышат. Эмнеси болсо да карды оокатка кенен тоюп, кийимин жаңыртып алды. Өзүнөн арткан пулун ата-энесине алып келчү болду. Мында иштегендерге да жакты себеби, ичкилик ичпейт, өз ишин кынтыксыз бүтүрөт. 4 5 жылдан кийин ошол шаарчадан Кундузга үйлөндү. Ата-энеси мугалим экен. Кызы да мугалим. Күндөн күнгө турмушу оңолду Шүкүрбектин. Жакшына үй салып алышты. Эки балалуу болушту. Жакында иштеген жеринде Шүкүрбекти бригадир кылып шайлашты. Ошентип турмуш ойдогудай, жигиттин бир гана жүрөгүн өйүгөн нерсе аялынын пейилинин начардыгы. Кыз кезинде жакшыдай эле көрүнгөн Шүкүрбекке. Жолдош-жоролору келсе да жети кабагы жер шыпырып, дүнүйөсү аңтарылып турат. Кайната-кайненесин көрөөргө көзү жок. Коңшу-колоң менен да чыгыша албайт. Шүкүрбектин дарты ичинде, болоору болду, боёсу канды, эки чырактай уулу бар. Тагдырга моюн сунбаска арга жок.

Бакирбек болсо мектепти окуп аягына чыкпады. Төтөнчө колунун туткактыгы мугалимдерин да коңшу-колоңду да кан-какшатты. Эки жашабай тамеки тартып, ичкиликке да жакын. Акыркы мезгилдерде ичкиликтин артынан биротоло түшүп кеткен. Күн алыс ичип келип чал-кемпирди кыйнайт. Пул бергиле деп, алардын пенсиясын шыпырып алат. Шүкүрбекти болсо көргүсү жок. Кээде Шүкүрбектүн берип жиберген пулун да тартып алган учурлары бар. Ата-эне уулунун мындай кылыктарына айласыз чыдайт. Энеси болсо көп жылдардан бери оорукчан, буту майып, басалбайт. Бардык түйшүк: отун кесип, оокат бышырып, үйдү жыйнап туруш чалдын иши. Нанды коңшу келин жаап берет.

Бакирбек саар менен чыгып кеткен бойдон түн бир оокумда мас болуп келет. Кылдан кыйкым таппай, урушкусу келип турганы турган. Акыры бир нерсени шылтоолоп, жаңжал чыгарат. Кой-айга кулак салбай, көбүнчө бечара абышкага тил тийгизет. Ал тургай кээде колу да тиет. Жаман сөздөр менен акаарат кылат. Бир жолу Шүкүрбек каттаган бирөөдөн 5 кила койдун этин берип жиберген экен, чал-кемпир жаш баладай сүйүндү. Азыраак шорпо салып коюшту. Бир нече күндөн бери эт жебегендикиби, экөө тең оокаттын тезирээк бышышын күтүп, ичтек сактап отурушкан. Бир-бирине айтпаганы менен экөөнүн тең оюнда Бакирбек мас болуп келип калабы деген чочулоо бар. Эгер ал мас болуп келгидей болсо, анда бышкан ашы аш эмес эле таш

болбойбу. Сөзсүз Шүкүрбектен келгендиги үчүн этти эшикти көздөй ыргытаары бышык. Андан көрө келбей турса, ысык шорпону ичип, этти жеп алсак, анан Бакирбекке коюп койсок да Шүкүрбектен эт келгенин билгизбей эле койсок деген ой экөөнүн тең көңүлүндө турду. Өгөйлүгүнөн коруnуп чал айтпайт, өз баласын айтыштан кемпир жалтанат.

Ушинтип чал-кемпирдин жүрөгү сары суу алып, жүрөксүп турушат. Мурдагы жылы түзүк эле жердин кызын алып беришкен. Оңолуп, ичкилигин таштаар бекен деген чоң үмүт менен. Келин түзүк чыкты. Эстүү. Күйөөсүнүн кылык-жоругуна чыдап, ата-энесине да айтпай жүрдү. Баш көтөрбөйт, нан жаап, кир жууп, үй жыйнап. Көп сөзү да жок дурус кыз эле. Жыл айланып кыз төрөдү. А дегенде өлгүдөй «жууду», анан барып бир азыраак көзү ачылды. Отун жарып, мал карап деле жоошсунуп калды. Буга ичтеринен сүйүнгөн чал-кемпир баланын шарапаты менен арагын таштап коёбу деп, жетине албай, «Бакиржан», «Бакиржан» деп өнтөлөп калышты. Бирок, чал-кемпирдин бул сүйүнүчү бир айдан ашкан жок. Бир күнү эле адатынча мас болуп келди. Анын кебетесин көрүп үрпөйгөн ата энесин, аялын көрүп, үйдү башына кие кыйкырды.

—Сен эмне маңа Манас тууп бергенсиң керилесиң! — деп баласын эмизип отурган келиндин тизесине каре бир тээп ары өттү,-сволучтар, баарыңар мени жаман көрөсүңөр, билем!—Дирт эте түшкөн келин, баланы боорун баса коюп бир колу менен калкаланды. Баары орду ордунда бозоруп отуруп калышты.

—Жаман көрсөңөр да баары бир мен багам силерди! Кимге ишенесиңе-ер? М-менсиз бир күн д-да жашашай албайсыңар! Мени мас дебатасыңарбы? М-мен м-мас эмес мин. М-мен... Эй, м-менин кардым ачты. Б-бул үйдө оокат барбы өзү, а?

Келин баласын жаткырып, көз жашын сүртүп чыгып кетти. Чал-кемпир демин ичине тартып, жүрөксүп отурушат.

Бакирбектин алдына дасторкон салынып, бир кесе күлча-тай апкелди. Бакирбек кашык менен төгүп-чачып ичип жатат. Чачтары туш келди саксайып кеткен, сакалы өскөн. Мойнунун күрөө тамырлары барсайып, тамакты жуткан сайын кокосу кыймылдап турду. Карды тойгондон кийин отурган жеринде жатып, тез эле коңурук тарта баштады. Ошондо гана үйдөгүлөр кененирээк дем алып, сергий

түшкөнсүдү. Ойгонуп кетпесин дештиби, шыбыраша сүйлөшүп отуруп, оокат ичишти.

Бакирбек канча жолу колуктусун айыпсыз тепкилеп, бети башын көгөртүп таштады. Арага түшкөн ата-энеге да колу тийди. Бир эки жолу келинди төркүндөрү алып да кетишти, экинчи жолу ичсем нан урсун деп карганып, кайра алып келди. Кызы бир жашар болуп калганда адатын карматып дагы уруп таштады. Ошондо Гүлзат мунун оңолбосуна көзү жетти окшойт, кызын көтөргөн бойдон кетип калды. Шол бойдон кайтып келген жок. Келиндин кеткени чал-кемпирдин шору кайнады. Аялынын өчүн эле булардан алат. Айрыкча абышканы койбойт. «Шүкүрбегиңе кетпей мында имне отурасың» деп жанын кашайтат. Чал бечара баарына чыдап келет. Атасынын бул абалын бирин билсе бирин билбейт Шүкүрек. Өткөн жылы бир жолу атасына айтты, алып кетейин деп. Бирок, анда барса деле турмушу оңолбосун билет абышка, келини жылаандай ышкырып турганы турган. Андан көрө мында Бакирбектин ичип келип кез-кез тополоң кылганы болбосо неси болсо да өз үй, өлөң төшөгү. Бирок, Бакирбектин оңолоор түрү жок. Аялы кеткенден бери ичкилиги дагы көбөйгөн.

Шорпо бышты. Чал этти табакка салып дасторконго койду да шорпону куюп келди.

—Ал кемпир, ысыгында ич,-деди кемпирине.

Дарбаза тарсылдап калды. Экөө бир-бирин чочулай карады чал-кемпир. Бакирбек мас болгондо дарбазаны так ушинтип тарсылдатып ачат. Демек дагы мас болуп келди окшойт. Жүрөк алдырып калган экөө бир саамга эмне кылаарын билбей калышты. Чал акырын мойнун созуп терезеден карады да:

—Келди...,-деди.

—Маспы?-кемпир сабырсызданып сурады.

—Мас...

Обол сырткы эшикти, анан ичкини тээп ачып кирди Бакирбек. Босогодо талтайып туруп калды. Көздөрү кыпкызыл, чачы иретсиз саксайган. Оң жак жаагы чаң аралаш кызарып каңталаган, үстү-башы да чаң, чамасы жыгылса керек.

—Келдиңби балам. Ке колу-бетиңди жуу. Оокат таяр, ичели. Чал өнтөлөп тура калып, колуна абдестени алды да Бакирбекке колуна суу куймак болду. Бирок, ал аны карап да койгон жок, тек гана желге ыргалган теректей теңселип, эки көзү табактагы эттен өтүп турду.

—Ох-хо-о!-деди мыскылдуу.

—Колунду жуу балам, оокат ичели,-деп чал дале абдестени кармап аны күтүп турат.

—Гөштү каяктан алдыңар?

Бир аз буйдала түшүп энеси жооп берди:

—Акаң... Акаң берип жибериптир.

—А? Акамби? А-а! Ак-кам б-берген турбайбы! Ол ж-жакшы балацар эм-меспи. Ак-кац д-деп... теңселип тура берди,-Ак-ка-пакан эм-мес ол! Билдиңерби? Ол кат-тын! Каттыныдан корккон эркек да эр-кекпи! Ха-ха!

—Кой энди балам, ке отур. Ана кастимиңди чеч. Ке энди,-дейт энеси жалынычтуу.

—Ммаңа ондой б-бир туугандын ккереги жжок-к! Абдестени ордуна коюп, отуруп калган чалга карап колун кезеди:

—М-мана атас-сы шулбу? Урд-дум мен экөөнү тең! Кереги жжок маңа! Алып ккетсин, мапабу чалды дагы! Ссени өз-зүм багам.

Отура калып чаң баскан батинкесин чечип туш келген жакка ыргытты. Костюмун чечип төргө ыргытты да, көрпөчөнүн четине отурду.

—Ммени билбейсиңер силер! М-мен Шүкүрбекке окшогон катынды...

—Болду энди, Бакиржан.

—Имне болду? Мен силерге б-бир нерсе кылып аттамбы? Бу с-сиз апа, имне эле шу чалга болушa б-бересиз? Анан Шүкүрбек, Шшүкүрбек д-деп турасың. Өз б-балаңды жаман көрөсүз. Ондо кетпейсиңерби ошо ж-жакшы балацарга? Жжыландай катыны сс-силерди имне кылаар экен. Ырас м-мен жаман экенмин. О өзүям шо катын селерди келсе экен деп, алпештеп алайын деп күү-күтүп турса к-керек. А? Имне отурасыңар?

Бакирбек көздөрү канталап экөөн алмак-салмак карады. Жүзү кекээрдүү. «Кана турбайсыңарбы?» деп улам кекетет. Чал бечара боп-боз болуп четте отурат. Шорполор муздап, үйдө жүрөктү кыскан жымжырттык. Бакирбек гана кез-кез ыктытып коёт.

Акыры уктады. Кемпир уулунун дасторкон четинде, тартайып уктап жаткан кебетесин көз ирмебей көпкө тиктеп отурду да бир кезде шолоктоп ыйлай баштады. Өксөп-өксөп көпкө ыйлады.

Таң шооласы агарып, кичинекей терезеден түшкөн үрүлбүрүл жарык үй ичин аста-секин жарыта баштады. Кемпир-

чал түн бир оокумга чейин уктабай, ар кимиси өз санаасы менен жатып, араң укташкан. Абышка ойгонуп, ордунан турмак болду. Бою калчылдайт. «А жаның менен кур а, же өлүп тынбадым. Мен болбосом бу бечаранын баласы мүмкүн мынчалык кыйнабас беле» деген ой сезимин аралап өттү. Төшөгүнө чөк түшкөн калыбында үй ичин айландырып карады. Мурдуна каңырсык жыт келет. Бакирбек жаткан жеринде кусуптур. Кусундусуна чыланып жатат. Сол уурту-нан аккан шилекейи кулак түбүн көздөй агып, жалтырап турат. Төрдө кемпири жатат али ойгоно элек шекилдүү. Оромолу бир жагына кыйшайып, астынан чыгып турган чачы терезеден түшкөн жарыкка чагылышып огеле аппак көрү-нөт. Абышка ордунан туруп, кечинде чачылган буюмдарды секин-секин ордуна коюп, эшикке чыкты. Ооруган белин түздөй албай, бир аз туруп калды. Эшиктеги очоктон калакчага күл алып келди да кечинде абдесте оодарылып төгүлгөн жерге сээп койду. Очокко от жагып, чок түшүрүп, ошол эле калакчага чоктон салып туруп үйгө ысырык салды. Арчанын жагымдуу жыты үйдү каптап берди. Өзүнүн төшө-гүн жыйнап коюп, чапанын топусун алып кийип, бел боо менен белин курчанды да, уктап жаткан кемпирин, кусунду-суна аралашып жаткан өгөй уулун саамга карап турду. Анан көчөгө чыкты. Ошол бойдон Шүкүрбек жашаган шаарчага кетчү автобуска отуруп жөнөп кетти. «Өлсөм дагы өз баламдын колунда өлөйүн. Тепкилеп көмүп коёр. Шундан көрө өз баламдын кызматын кылайын» деген чечимге биро-толо келди. Келининин муздак мамилесин билип туруп эле жөнөдү. Баарына чыдамак болду. Башка ылаажы жок эле.

Шүкүрбектин дарбазасы бек экен. Уул-келини жумушта, неберелери бакчада. Кеч күздүн суугу ичиркентет. Күн бүркөлүп, кар да жаай тургандай кебетеленди. Сааргы чайды ичпегенгеби, же кечки окуядан уктай албай чыккан-габы Калыбек абышканын жаны кыйналып турду. Эмне кылмак. Балдары түштө гана келет. Ага чейин күтүп отура береби? Отура берсе муздап калгыдай. Бир аз табы айны-гысы келгендей, денеси чыйрыгып, өзүн жаман сезе баштады. Басып турайынчы дедиби, көчө башына эки-үч жолу барып келди. Акыры чыдай албай уулу иштеген шахта-ны көздөй жөнөдү. Жөө баскан кишиге кыйла жол. Ысык чай ичкиси келет. Бирок, жакын жерде чайкана да жок.

Уулун чакыртып коюп, терекке сүйөнүп отура кетти.

Шүкүрбек тез эле чыга келди. Алыстан эле жайдандап сүйүнүп келди.

—О, келиң ата? Келиң?-шашыла колун кысты. Анан чалдын өңүн көрүп коркуп кетти,-эмне болду ата? Ооруп турасызбы? Качан келдиңиз?

—Саар менен...

—О шондон бери жүрөсүзбү? Каетте отурдуңуз? Муздап калыпсыз. Азыр. Азыр,-деди да жүгүрүп кирип тон, тумагын кийип чыкты. Нары жакта «жигулисинин» жанында турган жигитке кыйкырды:

—Калдар, бизди үйгө таштап койчу ука, атам келиптир. Өзү да ооруп турат окшойт.

Ошентип, атасын үйгө алып кетти. Абышка бир жума ооруп жатып анан оңолду. Шүкүрбек айылда алкаш уулунун азабын тартып отурган, оорулуу, эмчек сүтүн бербесе да жилик сүтүн берип баккан апасын көрүп келүү үчүн келди.

Эшикти Бакирбек ачты да Шүкүрбекти көрүп таң калгансып карады. Шүкүрбек болсо анын жүдөө кебетесине таңыркады. Анан барып гана саламдашты.

—Ассаломалейкум Бакир, кандай, тынчпы?

—А-алейкис-с...

Экөө андан башка сөзгө келген жок. Үйгө киришти. Төшөгүндө бүрүшүп отурган кемпирге өттү да чөк түшүп, арык, тарамыштуу колдорун алмак-салмак өптү.

—Арбаң апа, кандай абалыңыз?

—Кел, балам, кел. Кандай, балдарың чоңоюп атабы?

—Шолорго сизди апарайын деп келдим апа.

—А... Мениби..,

—Бакир кандайсың? Ден соолуктар жакшыбы?

—А, түзүк,-деп койду жактырбай Бакирбек.

Чай ичип отурганда Шүкүрбек сөз баштады.

—Апа сизди неберелериңизге алпарайын деп келдим.

Бир саамга эч ким унчукпады.

—Маңа убара болбой эле койчу, балам.

—Апама оякта имне бар?-деди Бакирбек ызалангандай.

—А эмнеге? Менин үйүм апама бегана бекен? Мен дагы баласымын да. Убагында баккан.

—Койчу шондака сөзүңдү. Менин апамды сенин аялың сагынып күтүп туруппу. Жеңебизди билебиз да..

Шүкүрбекке бул сөз каттуу тийсе да билгизбеди.

—Ондой дебе, Бакир, чал-кемпирди кыйнабайык. Шул экөөнү бага турган экөөбүз. Карып калышты.

—Бага бериң атаңызды. Мен өз апамды багам. Бүттү. Башка сөз жок.

—Кой, Бакиржан...

—Жөн отуруң апа? Сизге шо чал эле керекпи?

—Ондой дебе үка.

—Акыл үйрөтпөгүлө маңа, сенсиз эле апамды багып алам.

—А сени мен багалбайсың деп атамбы? Саар кеч чай-пай демдеп беришке, кир коогун жуушка же келин жок.

—Сенин шо жыландай ышкырган катының эле апамды алпечтеп алат деп турасыңбы? Кирини жууп, чайын кайнатыш колумдан келет.

—Сени бир тууганым дедим эле. Бир тууган болобуз дедим эле. Сени шундай кылат деп ойлобопмун.

—Мен имне кылып атам, атаңыз өзү качып кетти да,-деди Бакирбек көзүнөн чаары чыгып.

—Кой, ашыкча гаптин кереги жок. Атама тил тийгизбе.

—Ондо түзүксүнбөй жолуңа түш. Уктуңбу?

—А болуптур ондо, апа капа болбоң. Мен турайын. Омийн! Шүкүрбек ордунан туруп, кемпирге келди да, чогөлөп, колун өптү.

—Жакшы калың апа! Жакшы калыңыздар!

x x x

Күндуз кайнатасынын мында биротоло калаарын али биле элек. Оорусунан сакайса кетет го деп ойлоп жүрөт. Ошон үчүн Шүкүрбек кечинде маселени ачык койду:

—Күндуз, энди атамды айылга жөнөтпөйбүз. Көрүп турасың, карып калды. Ден соолугу да мурункудай эмес. Менден башка кимиси бар? Энди экөөлөшүп, кары кишинин көңүлүн табайык?

—О наргы баласы карабаппы? Сенден көрө ону жакшы көрчү эде. Акыры болбоптур да.

—Ондой дебечи, шарыят боюнча ол да баласы да.

—А ондой болсо эмнеге келди?

—Күндуз...

—Үй-жайыны шо эрке баласыга таштаппы?

—Күндуз маңа үй-жайынан да атамдын өзү керек! Билесиңби! Маңа атам керек! Угуп кой!

—А майли, билгениңди кыл! Тапканы таланга түшкөн...

—Болду, сүйлөбө!

—Сүйлөсөм эмне, урасыңбы? Ур анда! Шо өгөй энең менен кайдагы кайнаса каны кошулбаган алкашка үй-жайып таштайсыңбы?

—Болду дебатам. Мен сендей таш боор эмесмин. Өгөй болсо да эне, карып калды. Убагында баккан мени да Биздин үйүбүз жокпу? Сен эмнеден кемсиң? Эмне жетишпей жатат саңа? Жакында машине алабыз деп турабыз? Дагы имне керек?

—Ашыкча дүйнө баш жарабы?

—Энди оорукчан кемпирди ал үйдөн кууп чыгайынбы?

—Ондо мен чыгарам.

—Адиңдан ашпа!

—Сенде ар жок өзү.

Шүкүрбек тиштенип араң чыдады.

Аялынын кыялын билген Шүкүрбек көбүнчө атасын өзү карайт. Чайын ысык демдеп, үстү башын жуудуруп, кабак-кашын карап, жаны калбайт. Чоң атасы келгенден бери неберелери да жыргап калышты. Кечинде чоң атасы жомок айтып берет. Бакчага барбайбыз деп да кыйнашат кээде. Буга Кундуздун кыжыры келет. Иштеген жеринде аялдарга арызданат:

—Кайнатам келип, үйүм ыпыр сыпыр. Сасып да кетти. Утуру келди-кетти да көп. Атасын көрүп келели деп келишет. Мектептен баргычам үйүмдүн түсү калбайт. Жадап бүттүм.

—Кой ондой дебе Кундуз. Бечара кайнатаңды жоош киши дешет. Шүкүрбектей уулу туруп анан шол алкашка кор болот беле. Күйөөң болсо эстүү жигит.

—Ай силер билбейсиңер да. Ого мен керек эмесмин. Балдарыны да ойлобойт. Атасы эле болсо болду. Мурда да атасын ойлоп, тамагынан оокат өтчү эмес, энди алып келип алды, көңүлү саал тынчыйбы десем, опоп бетер, «атам оокат ичтиби, чай ичтиби», деп жадатып жүгөрөт.

Келиндер буга даба жок дегендей тарап кетишет. Кундуз жети кабагы жер шыпырып келет иштен. Эшиктен кирип-кирбей балдарын жекирип, каргап-шилей баштайт. Же чү деген жерден эле жаакка бир чаап, ички үйгө камайт. Айыбы жок жаакка жеген баласы кыйкырып, үйдү үч көтөрө ыйлай баштайт. Заматта үй ичи тартып, чалдын заманасы куурулат. Абышканын келгенине 4 айдын жүзү болуп барат, али бир жолу да келини «ата» деп атай элек. Дегеле ага карап бир ооз сөз сүйлөбөйт. Үндөбөй чайын берет, үндөбөй төшөгүн салат да чыгып кетет. Аңсайын кысылат бечара абышка. Шүкүрбек жумушунан келип,

үйдөгү абалды байкаса да байкамаксан боло, адегенде атасына кирет.

—Ата кандайсыз? Зерикпедиңизби?

—А жок, балам. Зериккеним да жок.

—Чай ичтиңизби?

—Ичтим балам. Өзүң кандай? Иштериң дүрүспү?

Кундуз дегеле кабагы ачылбайт. Үндөбөй жүрүп оокатын берет. Кечки оокаттан кийин идиш аягын жыйып, сабагына даярданды Кундуз. Анан күйөөсүнүн уктабай жатканын байкады.

—М-м... Уктай элексиңби?

—Сени күтүп жатам.

—Мениби? Сен мени күтпөйсүң. Мен билем. Саңа...

—Койчу эй, болбогон сөздү сүйлөбөчү.

—Менин сөзүм да, өзүм да жакпайм саңа. Айрыкча атаң келгенден бери.

—Менин атам болгондо сенин атаң болбойбу?

—Атаң өзүңө буюрсун!

—«Ата» деп койсоң бир жериң бир нерсе болуп калабы? Үйлөнгөнүбүзгө алты жыл болду, али ата дегениңди уга элекмин. Мени сыйласаң атамды сыйлап коёт элең...

—Шу атаңды айта бербечи! Алчаңдатып төрүңдө багып атпайсыңбы. Оокатын пышырып, кирин жууп, кызматын кылып отурам. Шу атаң келгенден бери башкача болуп калдың. Балдарга да карабайсың, мени болсо көрөргө көзүң жок. Түзүк болсо атаң шо орун очогунан куугун жеп келет беле. Короо-жайыны, тапкан дүйнөсүн шо өгөй балага, көчөдө калган алкашка таштап келип отурат. Шо өгөй баласы ыраазы болуп, өлсө көмүп коёр бекен?

—Көп оолукпагын сен. Уктуңбу? Маңа атамдын өзү керек! Анын деп соолугу керек!

Шүкүрбек аялынын жаңжал көтөрүшүн каалабады. Ордунан турду да тонун желгебей жамынып эшикке чыкты. Атасы жаткан бөлмөнү тыңшады. Калыбы уктап жатса керек. Сыртта көпкө басып жүрүп, оо бир маалда гана кирип жатты.

Чалы кеткенден кийин кемпирдин турмушу да оңолуп кеткен жок. Бакирбек күн сайын мас болуп келет, кемпирдин кулак мээсин жеп, кап-каяктагы сөздөрдү сүйлөп тажатат. Көбүнчө «Сен чалың кеткенден бери кабагың ачылбай жатат» деп капа кылат. Үй оокат менен иши да жок. Апасынын пенсиясын сагалаганы сагалаган. Соолукканда апасы

канча жолу каң-какшап ыйлап айтты, түшүндүрдү, жалынып жалбарды баары бир пайда жок. Кайра өзүнө жабышат, «Чалың кетип, шого жиниң келип жатат» дейт да турат. Бир жолу дагы мас болуп келип, качан болсо отурасың, же бир чайнек чай кайнатканга жарабайсың. Же элдин энесине окшоп, кеткен келиниңди алып келгенге жарабайсың деп жаңжал салды. Ыйлап, жалынып жалбарганына карабай, буту майып кемпирди босогого чейин сүйрөп таштады. Кемпир үчүн баласынын буга чейинки кылыгы бир тең, бүгүнкү кылыгы бир тең болду. Түн бою өзүнө кудайдан өлүм тилеп, таң атканча ыйлап чыкты. Ошондон кийин 3 күнү үйгө келбеди Бакирбек. Мамытбектин келини Үрүнса кирип чыгып, кабар алып, тамак-ашына карап жүрдү. Төртүнчү күн дегенде саар менен коңшусу Мамытбек кирип келди:

—Бүүгүл эже, кандай отурасызбы?

—Кел, Мамытбек, кел! Шүгүр, шүгүр да...

—Бүүгүл эже, бу Бакирбек машинеге кичине урунуп алыптыр. Азыр дуктурда экен. Мен саар менен угуп бардым эле. Жакшы эле, коркпоң, бутун саал кокустатып алыптыр.

Эне жүрөгү зыркырады.

—Кайакта жүрүп? Жакшы элеби апап? Түзүк элеби? Сен көрдүңбү?

—Көрдүм, көрдүм. Коркпоң. Айттым го, бутун кичине кокустатып алыптыр.

—Ичип жүрүп жеткен жери шол болуптур да... Буту сынбаппы? Сөөгү таза бекен?

—А сөөгү таза дешти доктурлар.

Кемпир ыйлаарын да билбеди. Нес болуп отуруп калды.

Бакирбек бир апта бою өзүнө келалбады. Врачтардын айтуусуна караганда оң буту, оң колу сынып, сөөгү талкаланып кеткен. Кабыргалары, акыреги сынган. Бут сыныктарына операция жасалды. Кан куюлду. Жүрөк араң эле согуп турду.

Бир жумадан кийин гана өзүнө келип көзүн ачты. Өзүнүн каерде экенин, эмне болгонун билгенден кийин, зилдай оор денесин кыймылдата албаганын билгенден кийин гана баарын түшүндү. Карекетерине жаш тегеренди. Медсестра кан басымын өлчөп, укол салды. Аңгыча эшик ачылып, врач кирди да анын артынан ак халат жамынып Шүкүрбек кирди.

—Бакир, кандай абалың? Жакшыбы?-деди Шүкүрбек коомай.

—...-Бакирбек көзүнө толгон жаштан мунарыктап, Шүкүр-

бекти жалдырай карады да кардыккан үн менен араң сүйлөдү:

—Шүкүрбек, мени тым кой! Өлүп калсам кайтып жакшы эле. Апамдын абалы кандай?

—Апамдан ылкак болбо Бакирбек! Өзүңдү ойлочу азыр.

—Шүкүрбек... Атамчы?.. Атама айт, мени кечирип койсун? Кечирсин? Апама да айт? Өзүң да мени кечир...

—Койчу эми Бакирбек, өткөн өттү...

—Ө-ө-өх-ха-а-а...-Бакирбек өзүн токтото албай өксөдү.

Шүкүрбек кеткенден кийин медсестра кыз андан сурап калды:

—Бул киши кимиңиз болот эле?

—Бир тууган акем. Эмне үчүн?

—Айтам да. Сизге кан керек болгондо өзү эки жолу канын берди. Дагы пулуна кан таап келип турду бечара. Бир тууган экен да көрсө...

—....

# КУСАЛЫК

Гүлбара алгачкы күндөрү апасын аябай сагынып жүрдү. Апасынын мээримдүү жүзүн, эркелеткен сөздөрүн сагынды. Бир жагынан келип кала тургандай үмүттөнөт. Кыздын наристе жүрөгүн кусалык бийлеп, сумсайганын таята тайнеси Кадыркул менен Айкүмүш сезбей койгон жок. Тапкан оокатын шу эки небересинин оозуна тутуп, ан сайын жүрөктөрү эзилип турганы турган. Алибек го али кичине, анчалык түшүнө бербейт, Гүлбаранын бир аз эси кирип калгангабы, айтор апасын эңсеп эле туруп алды.

—Кампир, балдарды апасына апарып көрсөтүп келсемби,- деди бир күнү Кадыркул.

—Майли, сагынып кетишти окшойт. Сайрам да сагынып куурап жүргөндүр.

Сайрам Кадыркулдун кенже кызы эле. Улуу кызы Тажи ушул эле айылда, күйөөсү мугалим, бала-чакалуу, өздөрү менен өздөрү. Кадыркулда уул жок, эки кызынан башка илинээри да жок эле. Бул куу баштан не деген күндөр өтпөдү. Заман оогал-доогал кезде атасынан калган гектарлаган жерлер, мал-мүлк өкмөткө өттү. Өз ыктыяры менен колхозго мүчө болуп кирсе да сен байдын баласысың деп чекелетиш-



ти. Аламина чыдабай басмачыларга кошула коюп, кийин ошол айып менен он жылга түрмөгө кетти. Айлап Ош түрмөсүндө камыгып жатып, андан ары сүргүнгө айдалды. Нечен күн-түн поюзда, машинеде, жөө-жаландап жүрүп Хабаровскийге келип, ал жердеги колонияда 10 жыл жүргөн күндөрүн, тарткан азаптарын жомоктотуп айтса дегеле түгөнчү эмес. Андан кайтып келсе бир кызы менен бир уулу чарчап калыптыр. Кудайдын ишине тан бербеске арга жок, ушул жаман эки кызынын өмүрүн тилеп калышкан. Ушул экөөнүн бактысын тилешкен. Тагдыр өз өкүмүнө салат экен көрсө. Сайрам биринчи күйөөсүнөн ажырап келди. Насип экен ушул айылдык Нурмат деген жигитке турмушка чыкты. Гүлбара аттуу кыздуу болушту. Бирок, Нурматтын аталаш эжелери сен кыз албай жубан алдын, муну кетиргин, биз сага кыз алып беребиз деп кулагынын кужурун ала башташты. Нурмат ага кулак салган жок. Сайрам эстүү келин, кайын эненин түркүн кылык-жоругуна үндөбөй чыдап келет. Бирок, кыз алып беребиз деген, тууган уруктун, өгөй эненин Сайрамды жамандаган шыбыры, мына ушулардын таасири мененби, айтор бир күнү мас болуп келип аялын «үч талак» деп салды. Ал кезде Сайрам уул тапкан болчу. Нурмат уулун ушунчалык жакшы көрчү, али кызыл эт наристени колуна алып, «Менин уулум» деп сыймыктанып, жүрөгү элжиреп кетээр эле.

Ошентип бактысына карк болуп жүрүп эле бир ооз сөз менен турмушун бузуп алды. Кийинки убактарда ичкиликке да берилип кеткен эле. Ичип алган күндөрү алда качан сөөгү сопут болуп кеткен ата-энесин эстеп ыйлап алуучу. Өгөй эненин колунда, көрбөгөнү гөр болуп жүрүп чоңойгон. Кийин согушка кетти, үч жылдан кийин жарадар болуп кайтып келди. Айылдагы күйөөгө чыга элек кыздар жакпай жубан болсо да Сайрамды жактырган эле. Сайрамга үйлөндү бирок, шол эле күндөн тартып өгөй эне келинге кастыгын тигип туруп алды. Эжелерин үгүттөгөн да ошол. Кыз албай жубан алды дейт. Кылдан кыйкым таппай, иришкени иришкен, киришкени киришкен. Бирок, Сайрам баарын көтөрөт, үндөбөй гана кутулат. Отуруп-туруп келинди Нурматка жамандагандан тажабайт. Бирок, Нурмат ага анчалык деле кулак салчу эмес, аялынын пейилин өзү жакшы билет да. Баары бир ошол жамандоолордун таасири тийбей койгон жок. Күндөрдүн биринде ичип келди да айтаарын айтып салды. Бирок, саарында эле эсине келип,

мастык менен кечинде айтканын эстей албай койду. Сайрам болсо эки баласын алып атасыныкына кетип калган эле.

—Менин ажыраша турган аялым жок.-деди Нурмат жерди бир муштап,-мен талак айтканымды билбейм! Менин эки балам бар! Маңа балдарым керек! Балдар керек маңа! Кулагымдын кужурун алып жүрүп шуну сиз эле кылдыңыз!

Балдарсыз аңырайып суук көрүнгөн үй ичи, баланын бош бешиги Нурматтын жүрөгүн тилип кеткенсиди. Кичинекей уулунун эжигей жытычы! Эми алардан чын эле ажырап калдымбы? Үч талак айтып таштадымбы? Анда баары бүттү? Нурмат өз маңдайына шак бир урду. Үч талак деген Баткен жергесинде закон, дегеле мусулман пенделерине үч талактан кийин жарашып бирге жашоого жол жок! Шарыят жол бербейт. Муну Нурмат өзөгү өрттөнүп ойлоп отурду. Жок, андай болбош керек! Мен мастыкта айтканымды билбейм! Мүмкүн айткан да эместирмин. Балким Сайрам атасынын үйүнө жөн эле кеткендир. Кайнатам менен кайненем жакшы кишилер. Мени түшүнүшөр. Балдарды ойлошоор. Шарыяттын дагы бир жолу бардыр.

Ушундай ойлор менен Нурмат кайнатасыныкына бармак болду. Бирок, негедир жүрөгү сыздап, бүт денеси жанчылып, кол-бутунан жан кеткенсип, «түбөлүк ажырашуу» деген суук шапада жанын кыйнап турду.

Ошентип болор ишти болтуруп коюп, жакандоздун үстүндө уктап калды Нурмат. Бул сөздү укканда Сайрамга жер астын үстүн болуп кеткенсиди. Кулагы чуулдап турду бир топко чейин. Анан кайра тез акыл-эсин жыйнап, чыйралды. Кайнененин мыскылдуу көз карашы чыйралтты аны. Шашыла үйүнө кирди. Үй-ичиндеги байлык адам кубанардык деле эмес, төрт-беш төшөнчү, Нурматтын атасынан калган чоң сандык, Сайрамдын себине келген гүлдүү кийиз, тогуз дөбө таар менен өзбек жабаны. Булар көзүнө көрүнгөн да жок, эмне кылаарын билбей саамга туруп анан бешикте мемиреп уктап жаткан баланы шашып чече баштады. Колдору калтырайт. Баланы тез ороп, бооруна басты да, куурчактары менен ойноп отурган кызын колунан жетелеп эшикке чыгып баратып уктап жаткан күйөөсүн карады. Сакалы өскөн арык жаактары билинер-билинбес кыймылдап, каргылданган үнү менен түшүнүксүз кобурап жатты. Энеси деле күйгөн киши болуп, Нурматтын башына балыш жаздап жатыптыр...

Сайрам кетпей эле койсо болмок, Нурмат ушул күнгө чейин бир ооз жаман сөздү айткан жок же колу тийген эмес. Экөө ынтымактуу эмес беле. Бирок, азыр кетпей койсо кайненеси көчөгө чыгып, «Ой келинимди Нурмат үч талак деп коё берди, келиним кетпей отурат» деп дароо эле элге жар салары белгилүү.

—Жаманга эш тарткычаң башына беш тарт» деген шул да,-деген ошондо Кадыркул,—Нурмат уруштан келип, үстүндө шинелинен башка эч нерсеси жок отуруп калганда, шонусуна карабай кызымдын көңүлү деп бербедим беле. Үйүн салышып бердим, саан сыйыр бердим торпогу менен, эки кой бердим. Башыңар аман болсо турмушту оңдоп аласыңар дедим эле. Баланын карды тоюп калган экен да...

Кадыркул солкулдап ыйлаган кызын аягансып карады. Анан тизесинде отурган Гүлбаранын чачынан секин жыттап сөзүн улатты:

—Ыйлаба балам, балдарың менен башың эсен болсун. Нурмат мындай кылчу адам эмес эле. Мындай болот деп ойлободум эле. Биз бар кор болбойсуң кызым. Балдарыңдан болсо ойлонбо, төбөбүзгө коюп багабыз апаң экөөбүз.

Кадыркул узун бойлуу, олбурлуу адам. Айылда ар ишти калыс чечкен, иш ишбилерман, кеп-сөзү орундуу киши. Байбичеси Айкүмүшчү, эркектен кем калышпаган кайраттуу, өңдүү-түстүү, бой-келбеттүү, сүйлөй келсе оозунан сөз, колунан иш келген аял. Айылда андан өтөөр чебер уз жок, көз жоосун алган таңдайлатып сайган кештелери, кынаптап токуган тогуз дөбө таарлары, жүл, араби гилемдери, покчо боо, керегe таңуу сыяктуу буюмдары кыйла жерге тарпи болгон. Сөзгө чечендигичи, ар бир сөзү макал-лакап менен ширелишип, кандай маанидe айтылса да орундуу. «Уваждуу гапка каруу жок» дегендей Айкүмүштүн сөзүн жокко чыгара алышчу эмес. Орто бойлуу, бир аз толмочунан келген, ак жүздүү, эки өрүм кара чачы такымга түшкөн кыз эле убагында. Мырзабек байдын жалгыз эрке кызы болчу, атка да укмуштай жүрчү. Бир жолу ким бирөөнүн тоюнда эркектер менен улак тартышка түшүп, бир кой менен бир гилем утуп келгенде атасы:

—«Кызым, бекер кылыпсың да» деп гана тим болгон. Айкүмүш өзүнүн ойкуштаган жаштык сезимине алдырып, жигиттердин сүрөөнү менен улак тартышка түшүп кеткенине кийин уялып жүрдү. Дегеле Баткен чөлкөмүндө кыз бала улак тартышка түшүптүр деген сөздү эгерим уктуңуз беле?

Аны билип туруп эле кылды, бирок, катуу уялып калды. «Мен сени шондо жактырып калбадымбы, чабандаз кыз экен деп» деп Кадыркул Айкүмүшкө тамашалап калат кээде.

Экөө Сайрамдын бактылуу болушун канчалык тилешпеди! Айылдагы Карабек байдын баласына берген эмес. Андан көрө кызым алтынга оронбосо да көңүлү ачык болсун деп Нурматка бербеди беле.

Арадан үч жыл өттү. Сайрам күйөөсү менен жарашпады. Нурмат «үч талакка» жол табам деп каерлерге гана барбады, чоң молдо эшендерге барып жол таба албады. Бир гана молдо «мас болуп айтканын билбесе жараша болот» деп жол берди. Аны кагазга жаздырып келип, айыл кеңешине, райиске, райкомго чейин эшигин кагып жардам сурады. Бирок, кимиси арага түшпөсүн Кадыркул:

—Мен Кадыркул Кадыркул болуп, кызымды үч талак койгон адамга жараштыра албайм. Шарыят деген бар, Кудай бар,-деп туруп алган. Балдарын болсо өзүм төбөмө коюп багып алам,-деп туруп алат.

Келгендер анын бир сүйлөөрүн жакшы билишет, болду эми бул айтканынан кайтпайт, мунун пейили ушундай эмеспи деп этегин кагып туруп кетишет. Ошентип Сайрамды Нурматтан биротоло ажыратып алышты. Ошондон кийин Нурмат ичкиликке ого бетер берилип кетти. Сайрам ата-энесинен жашынып ыйлап жүрдү, балдарын аяп энелик жүрөгү сыздап жүрдү. Бирок, айла жок эле. Өзү теңдүү аялдар менен колхоз жумушуна чыгат. Жайында чөп чабык, күзүндө буудай, мака орок. Айкүмүш болсо тракторчуларга нан жабат.

Ошондон үч жыл өткөндөн кийин Санамды күйөөгө беришти. Санамдын ыйлаганына, балдарымды таштай албайм, аларсыз жашай албайм деп ыйлаганына карабай беришти. Кыз баланы атанын төрүндө отургулук кылбасын дешти. Жаштыгын аяшты. Коңшулаш Өзбекстандын кыргыз айылдарынын бирине Өмүрбек аттуу адамга кетти Санам...

Ошол жылы күздө Гүлбара биринчи класска кирди. Сабагында отуруп да апасын эстеп куса болот. Кээде болбогон нерсени шылтоолоп көпкө ыйлап алат. Бирок, бара-бара көндү. Тайне-таятасынын ченемсиз мээрбандыгы балдарды алаксытты көрүнөт. Бир жолу айбандагы сөрүдө экөө ойноп отурган.

—Али, сен үйүбүздү бузба да. Мына бул апам, көрдүңбү?

—Бул апамбы?

—Апам.

—Эже, апам каякка кеткен?

Алибектин бул суроосуна Гүлбара шыр жооп бералбай буйдалды.

—Апамбы?... Оо неме... Базарга кеткен.

—Качан келет а?

—Тез эле келет ука, саңа жаңы топу апкелет, патинке апкелет.

—Алдайсың.

—Чын, ишенбесең тайнемден сурагын.

—Тайне апам базарга кеткенби?

—Базарга кеткен апаң. Энди келет балам. Гүлбара уканды жакшы ойнотсоң кызым.

Ошондо Гүлбара тайнесинин жанына жүгүрүп келип кулагына минтип шыбырады:

—Тайне, Алини алдап койдук аа?

—Болду, сенин эсиң көп да. Апаңды Алиге эстетпесең.

—Майли...-анан кайра дагы эңкейип секин шыбырайт:

—Тайне, апам чын эле базарга кеткен болсочу а тайне? Ондо тез эле келет эде а?

Кечинде Айкүмүш абышкасына мындай деди:

—Бул экөөнү саар эле алып жөнөңчү, апасын сүйлөп эле туруп алышты.

Эртеси таң атпай экөөн жакшылап жасанта кийинтип алып Кадыркул жөнөп калды. Жол ката:

—Таята, жетейин дедикпи?

—Апам эмне кылып жатат экен а?

—Таята, апам биздин кетибатканыбызды билбейт да а?- деп божурай бериштет.

Буларды Сайрам менен Өмүрбек зор кубаныч менен тосуп алышат. Экөө берерге ашын таппай аптыгышат. Кызы менен уулуна деп тигип даярдап койгон кийимдерин биринен сала экинчисин кийгизип алмак-салмак жыттаган Сайрам жаштуу көздөрүн атасынан жашырат.

—Апа-деди Али апасын түз карап,—сен эмнеге быякта жүрөсүң. Үйүбүзгө барбайсыңбы? Гүлбара сени базарга кетти деди го?

—Менби...

—Менби... Энди барам. Кийинирээк барам... Майлиби?

Кызы болсо акылына кирип калганбы, сырдуу карап үнчүкпайт. Чай үстүндө экөө таятасынын эки тизесин баса отурушат.

—Ата, шу эки баланы бизге таштап кетиңизчи, менин өгөйлүк кылаар алым жок. Өзүм балага жука кишимин. Төбөмө гана коюп багып алат элем,-деди кечинде балдар уктагандан кийин.

—Балдарды силерден аяп жатат дейсиңби балам. Энең экөөбүздүн эрмегибиз эле шулар болуп калды. Булар болбосо экөөбүз очокту сөйөп эле отуруп калабыз да...

Эки күн туруп, анан кайтышты. Алар кеткенден кийин жүрөгүнүн жарымын ала кеткендей Сайрам эңширилет.

—Мен дагы кетейинчи, балдарымдан ажырап жашаган күнүм курсун. Маңа ичиңиз ачышпайбы, жүрөгүм кум болуп кетти го!

Аялынын көз жашын көрүп Өмүрбек чыдай албай кетет.

—Кандай кылайын Сайрам, ыйлабачы. Мен шу кезге чейин балалуу болбодум. Сен болсо балдарыңдан ажырап. Турмуш дегениң шундай экен да. Алып калсак болот эде, ата-энең да буларга үйрөнүп калыптыр. Капа болушат. Бирин алып алалы десем, эгиз козудай бири-бирисиз тура албайт. Бири биринен ажыратуу дагы кыйын.

Көзүнөн аккан миң салаа жашын тыялбай шолоктойт Сайрам. Айласыздан тагдырына тан берет. Нурматтын абалын элден угуп калат. Ан сайын сапаасы саңга бөлүнөт. Ушул кыргыз айылдарынын биринде жашаган Төрө деген адам таги Бужумдук болот имиш. Ошол Төрөгө Нурмат атайын келип, Сайрам менен анын күйөөсү жөнүндө сураштырыптыр. Жардам бересиз, мен анын күйөөсүн өлтүрөм да Сайрамды алып кетемин. Эгер андай кылалбасам өзүмдү өзүм өлтүрөм дептир. Бир эмес, эки үч жолу келиптир. Бирок, Төрө аны алдап-салдап араң кайтарып жүрүптүр. Муну Өмүрбек Төрөнүн өз оозунан угуптур. Этият болуп жүргүн дептир. Өмүрбек Сайрамга бир күнү ушуну айтты.

Нурмат Сайрам менен кайра жарашыш үчүн эмне гана кылбады. Молдолордун бири эгер аялын башка күйөөгө тийип чыкса алал болот, шондо кайра жарашууга шарыят жол берет дептир. Айласы кеткен Нурмат Сайрам күйөөгө кете электе ошону айттырып жиберет. Сайрам буга караманча көнгөн эмес. Андай болушу мүмкүн эмес эле. Эми минтип күйөөгө тийгенден кийин алып кетсем болот деп ойлоп жатса керек. Эми баары бүттү. Турмуш ойрон болду деп ойлойт Сайрам өзүнчө.

Кеч күз. Тоо тараптан соккон муздак шамал кыштын жакын экенин кабарлагансыйт. Эл кыштын камында, отун

суун алып. Кадыркулдун үйү айылдын баш жагында. Үч айрылыш жолдун жогору тарабындагы арык боюндагы жалгыз түп тал балдардын эрмеги. Мал караганы келген мааланын ойноо балдары талдын бутагына чыгып, шактарын сындырып ат кылышат. Капталына бычак менен оюп өз аттарын жазып таштащкан. Тал болсо балдардын бул тамашасына чыдап, сейрек жалбырактарын күзгү желге ыргалтып турганы турган. Бүгүн да балдар адатынча талдын шагынан кесип алып чикилдек жасап жатышкан.

—Мал келатат!

Балдардын арасынан чачы такырайып алынган арык бала капыстан кыйкырды. Малдын келатканына сүйүнүп кетти көрүнөт. Жыңайлак бутv суукtан көгөрүп кетиптир, мурдунун суусу токтобойт. Улам шыр тартып коюп, оюнга алаксыйт.

Арык жээгинде мал карап отурган ак сакал, көк сакалдар орундарынан туруп, этек-жеңдерин кагышты. Мал артында эшегин минип, буту жерге тие салаңдап Кадыр келет эч нерседен бейкапар, каргылданып анча-мынча ырдап да коёт.

—Бу дарбадар бүгүн малды кечиктирди,-деди Кадыркулдун жанында турган пакана бойлуу Маты.

—А мунун иши жок, эрте кайттымбы, кеч кайттымбы дебейт. Анан үйгө шашаар жөнү жок да, жүгүрүп чыгаар баласы же күтүп алаар катыны болбосо...-Кадыркул бели оорун кеттиби, таягына жөлөндү.

Шул арада үй жактан Гүлбара жүгүрүп келди.

—Келдиңби кызым мектебиңден? Тайнең Алини дуктурга алып кетти. Табы качып калыптыр. Үйгө бар, азыр тайнеңдер келет.

—Майли.-Гүлбара чачтарын сеңсеңдетип жүгүрүп кетти.

Тайнеси Алини аркасына көтөрүп караңгыталашта келди. Доктур суук тийиптир деп дары дармек бериптир, бир укол жасаптыр. Дары ичирип жылуулап жаткырып коюшту. Ошол бойдон бала үч күнү ысытмага күйүп жатты. Акыркы күнү көзүн да ачпай калды. Бири-бирине айтпаганы менен чал-кемпир тынчсыздана башташты. Акырында Кадыркул:

—Сайрамды чакыртсак бекен?..-деди.

—Майли, чакыртсак чакырталы. Көрүп кетет да баласыны. Экөөнүн тең айласы кетип турду. Айкүмүш баланын маңдайына алаканын койду. Оттой ыссык.

—Али! Алижан! Көзүңдү аччы, садага болоюн?-Айкүмүш көз жашына муунуп кетти. Баланын кубарган жүзү бир

калыпта гана жатат. Ан сайын үй ичи түнөргөн түнгө капталгансып кайгынын кучагына батат. Айылдык фельдшер утуру келип кабар алып, укол салып турду. Кадыркул менен Айкүмүш таң атканча баланын жанында отурушту. Кадыркул терең ойдун кучагында. «Кудай, ушул баланын жанын алып кала көр, маңа шундай бир баланын ыраа көрбөдүң эле, неберемди сакта? Бүтүндөй өмүрүмдө бей-бечарага кайыр-сахабатымды аябадым, багары жок жетим калган балдарды багып өстүрдүм. (Булар жетим калган үч кызды багып чоңойтуп, күйөөгө чыгарышкан.) Өзүңө миң марта сыйынып, беш убак намазымды жазбайм. Аз айып, көп күнөөм болсо өзүң кеч. Бейгунаа наристенин жанын сакта» деп кудайдан тилеп отурду. Сакалынан ылдый куюлду көз жашы. Бир кезде чарчап калган тогуз жашар уулу, он сегизге чыгып, буралып бойго жеткен сулуу кызы карт жүрөгүн сыздатып турду. Таятасынын ыйлаганын көрүп Гүлбаранын да ыйлагысы келди. Атасын, апасын эстеди. Өткөндөгү бир окуя эсине түштү. Ал мындайча болгон эле.

Гүлбара мектептен келаткан. Алдынан атчан киши чыкты. Жакындап келгенде караса атасы Нурмат экен. Гүлбара шашып, жол четиндеги чоң талдын аркасына жашынып калды. Атасы мас экен, ары бери чайпалып келатат. Талдын жанынан өтүп баратканда Гүлбара секин карап турду. Атасынын сакал баскан арык жаактары, жүдөө кебетесин жакын жерден көрүп турду. Кызды байкаган жок өтүп кетти. Ошондон бери Гүлбаранын көз алдынан атасынын элеси кетпейт. Ошону эстеп азыр таятасына кошулуп Гүлбара да ыйлады. Алини аяп ыйлады.

Кадыркул сыртка чыкса таман алды кыймылдагансып кетти. Жүрөгү шуу эте түшүп тегерегин карады. Негедир дарактар да, мына бул зымга илинип турган челек да кыймылдап жатат. «Жер титиреп жатабы?» деп ойлоду, келме келтирейин десе негедир тили күрмөөгө келбей жатты. Шул арада үй да качыр-кучур дей баштады. Жүрөгү оозуна тыгылып, айбандын шыбын карады. Пешкары кычырап, түркүктөр жылып, үй бузулуп баратат. Эмне кылыш керек? Үйдө кемпири, эки небереси менен уктап жатат! Мына увасталар да кыймылга кирди. Торсундар ашталган жеринен чыгып баратат. Түшөйүн деп калган пешкарыга колун созду шашкан Кадыркул. Пешкарыны кармап калыш керек, ал чыкса эле баары бузулат. Негедир колдору узарып кеткенсиди, пешкараны кармап калды. Өтө оор жана жоон

пешкарыны кармап турду. Эриндерин каната тиштеп, бар күчүн жыйып, карыны тиреп турду, анан акырын жылдырып ордуна койду. Жер да кыймылдабайт. Анан заматта жым-жырт болуп калды.

Кадыркул ойгонуп кетти. Жүрөгү дүкүлдөп, аптыгып калыптыр. Эми эле пешсарапты кармап турган колдорун карады. «Түшүм турбайбы. О кудай түшүм экен» деп күбүрөп алды.

—Кемпир! Куда кааласа баланы кудайым берди бизге! Бала айыкты! Азыр эле үргүлдөп кетип түш көрдүм. Жер титиреп үй бузулуп бараткан экен, шу колдорум менен түшүп келаткан пешкарыны кармап калдым. Качыр-кучур этип бузулуп бараткан үй бузулбай калды. Пешкарыны жайына койдум. Үйүмдүн бузулбаганы жакшылык. Баланы кудай кайта бизге берди, кампир!

Шол арада Али көзүн акырын ачты. Кеберсиген эриндери кыймылга келип, бир нерсе деп сүйлөдү. Айланып үргүлгөн Айкүмүш ыйлап да жүрөт, «Садага болоюн» деп жалынып да жүрөт. Шундай болуш керек эле дегенсип дарыгер жигит да эс ала түштү. Бул кызамыктын оор түрү эле. Кадыркул болсо кудайга жалынып жүрөт дале.

—Миң марта ыраазымын кудай! Кайра дагы сакал ылдый көз жашы агып жатты.

Гүлбара бурчта тайнесинин чапанына оронуп алып ыйлап жатты. Анын көз алдында атасы менен апасы...

# ГҮЛАЙЫМ

Каракыз кемпирдин кенже уулу Каныбек борбордон өзү менен бирге окуган Гүлайым аттуу суп-сулуу колукту алып келди. Келин келер менен эле кайын журтуна жагып калды. Сулуулугуна жараша жадырап-жайнаган, ачык айрым пейили, ширин сөзү, баскан-турганы, жасаган иши баары жакты. Каныбек түзүк колукту алып келиптир деп мактап жатышты.

Гүлайым таң атпай туруп, эшиктерди шыпырып тазалап, кайненесинин дааратына суу ысытып, жайнамазын салып коёт. Сыйырды да тез эле саап үйрөндү. Очокко отту жагып, ширин-ширин оокаттарды бышырып дасторконго коёт.

Бир күнү Каныбектин Карабулактагы тагасы мейманга чакырып, ошого жөнөп калышты. Тагасынын үйү айылдын жогору жагында, чоң каналдын боюнда, жандам ылдый чоң чарбагы бак-шактуу. Гүлайым мында келгенде көңүлү ачылды. Тагасынын Гүлнар деген секелек небереси бар экен. Ал кыз көздөрүн бажырайтып, жеңесин тиктеп турган эле.

—Кыз, жүрүң бизге чарбагыңыздарды көрсөтүп келиң,-деди Гүлнардын майда өрүм чачтарын секин сылай берип.

Кыз сүйүнүп кетти. Чарбакты карай сексеңдеп жүгүрдү. Каныбек менен Гүлайым анын артынан ээрчип дарчадан чыкканда эле дүпүйгөн тал-теректерди калың, жап-жашыл чөбү тизеден, ачылып турган түркүн гүлдөрдү көрүп, Гүлайым токтоно албай, башындагы оромолун алды да:

—Айий, мынча кооз чарбагыңыздар. Мындай жерде жашасаң жыргал да!—деди көздөрү жайнап.

—Биздин тагалар шундай жерде жашайт да, урматтуу айым. Кааласаңыз эртеге Алмалыга апчыгып келебиз,-деди Каныбек тамашалап.

—Алмалыңыз каякта?

—Оу-у, алыс, ого жеталар бекен сиздин онобу назик буттарыңыз? А майли, болбосо желкебизге көтөрүп алабыз да.

—Ий, койчу Каныбек, кыздын алдында тантырабачы,-Гүлайым жоодураган көздөрүн сүзүп, күйөөсүнө эркелеп койду.



Анан жандам ылдый гүл терип жөнөп калды. Каныбек колуктусун суктана карап:

—Өй, этият бол, жылан чагып албасын,-деди.

Чын эле жылан чагып алгандай Гүлайым дирт эте түшүп, кыйкырып артына качты. Каныбек да коркуп кеттиби, Гүлайымды утурлай жүгүрдү. Экөө кучакташа түштү да, ошол жерге отура калышты. Көрсө бутун эч нерсе деле чакпаптыр, жылан чагат десе эле чындап чагып алгандай кыйкырган экен.

—Коркоок,-деди Каныбек, күлүп,—дагы Алмалыга барам деп коёт!

Экөө каткырып күлүп жиберишти. Каныбек Гүлайымдын шамалга тозуган чачтарын сылап эркелетип койду. Келин бүт дүйнөнү унутуп, күйөөсүнүн көкүрөгүнө башын жөлөп, жаңы эле терип алган маңдалак гүлдү жыттап отурду.

...Ал кезде экөө чексиз бактылуу эле. Экөө тең мектепте иштейт. Каныбек тарыхтан, Гүлайым тил адабияттан сабак беришет. Кийинчерээк Каныбек райкомкомсомолго кызматка которулду. Саат сайын бирин-бири сагынышып калышчу. Үйүнө мейманчылап келген кайын журтун жетине албай кубанып тосуп алат, жадырап жайнап алдына тамагын жайнатып коёт. Күйөөсүн болсо жаш баладай бапестеп, сылапсыйпап, таза кийинтип жумушуна жөнөтөт. Кайын энесинин төшөнчүлөрүн жууп, каптап, ак шейшептен бапестейт. Ошондуктан Каратокойлуктардын чоңунан кичинесине чейин Гүлайымды жакшы көрүшө турган.

Жылдар өттү. Бирок, балалуу болушпады. Барган сайын өз өзүнчө бушайман, бирок, бири-бирине айтпай, ар кимисинин дарты ичинде. Үмүт үзүлбөйт. Гүлайым канча ирет доктурларга көрүнүп, дарыланды...

Келин өзүн айыптуудай сезип, ичинен муңайым тартып кетти. Каныбек да мурдагыдай эмес, анча-мынча ичип келет. Бир күнү экөөнүн ортосунда ачык сөз болду.

—Каныбек,-деди Гүлайым чалкасынан түшүп ойлуу жаткан күйөөсүнө,—кудай бизди бир баладан кем кылды го...-сөзүнүн аягында үнү каргылданып кетти.

Каныбек үндөгөн жок.

—Билип жүрөм,—сенин абалыңды, досторуңдун балдары мектепте окуп жатат, бизге да 12 жыл болду,-Гүлайым көз жашын жутуп, зореки сүйлөйт,—мен сени перзентсиз калдырамбы деп корком...

Каныбек дале үндөгөн жок. Анын үндөбөгөнү келинге ого бетер катуу тийип жатты. Демек... «Ажырашуу...» бул ой

жүрөгүн сыздатты. Көзүнөн жашы тынымсыз ага берди. Каныбек аялына бурулуп, оо жаш кезиндегисиндей өзүнө тартып, чачтарын сылады.

—Ыйлабачы, Гүлай, кантейин, мен сени күнөөлөбөйм; балалуу болбосок да майли, сен жанымда болсоң эле болду,- деди да келиндин жаш жууган беттеринен, чачтарынан өпкүлөдү. Өзү да көз жашына муунду.

Экөөндө тең уйку жок. Экөө тең түптүз санаага баткандай. Каныбек Гүлайымды аяйт. «Мен үчүн жанын берүүгө даяр. Бир туугандарымды, апамды сыйлап, урматтап турат. Эх! Гүлайдай мени эч ким сүйө албас. Ардактабас.» Бирок, бир туугандарынын, апасынын «Муну кетирип, башкага үйлөнгүн, сага бала керек, өмүрүң өтүп баратат» деп кулагынын кужуруп алып жүргөнүн Гүлайым укпаса да жүрөгү менен туят. Бала жытын искебей каламбы деген ой көңүлүн сыздатат. Каныбектен ажырап жашаган жашоо курусун. Ата-энеси эбак өтүп кетишкен. Бир тууган акеси гана бар. Жеңеге барып баш калкалайбы?

Күйөөсү жокто ыйлап, ыйлап алат. Бирин-бири жоонткону менен, күндөн күнгө экөөнүн ортосу алыстап бараткандай. Муну экөө тең сезип-билип жүрүшөт.

Акыры бир күнү кечки тамак үстүндө Гүлайым мындай деди:

—Каныбек, сен мени аяп гана жүрөсүң, билем. Мен макулмун. Сенин багыңды байлап отургум келбейт. Кетейин... Сен бактылуу болчу-көз жашы каканактап, андан ары сүйлөй албай калды.

—Сен эмне эле кыйналып атасың? Мен бир нерсе дебесем. Бала болбосо имне кылат элек, тагдырга моюн сунабыз да. Сен кетпейсиң, мен башканы албайм, уктуңбу?

Сөз ушуну менен бүттү. Негедир Гүлайымдын ыйы токтоду. «Бул мени аяп гана ушинтет. Туугандарына жек көрүнүп бүттүм. Кетиш керек» деген жыйынтыкка келди.

Үйдө күндөгүдөй эле жүрөктү эзген жымжырттык. Гезит-журналдардын жаңы сандары стол үстүндө жатат. Каныбек аларды колуна алып окугусу да келбеди. Тек шыпты тиктеп гана жата берди. Гүлайым экөөнүн ортосунда өтөр-батар гана сөздөр айтылганы менен негедир коошпойт. Сөздөр уланбай үзүлөт.

Эшик ачылып Каракыз кемпир чоң уулу Жайнак менен кирип келишти. Гүлайым адатынча күлүп-жайнап, кайненесинин бетинен өөп, тосуп алды. «Келгени жакшы болду, булар деле бекер келген жок» деген ой назарынан өтүп

турду. Бирок, оокат ичилип, төшөк салынды, эч кимиси батынып сөз баштай алышпады. Негедир Гүлайым да үнчүгө албады. Эртеси сааргы чайды берип, Гүлайым сабагына жөнөдү.

—Апа, сиздер беймарал эс алыңыздар, менин бүгүн 3 эле саатым бар, тез эле келем,-деди.

—А майли, бара бер балам. Акеңдин да иши бар окшойт, ошоякка бараар, мен эс алып отура берем.

Гүлайым чыгып кетти.

—Бечара келин,-деди Каракыз кемпир,—теңи жок келин го, өлгүрдүн габи-сөзүнүн шириңдигин айт. «Жакшыны бир жеринен кем кылат» деген шул экен да.

—Энди жакшы экен деп тиктеп отура беребизби? Балаңыздын бу дүйнөдө перзент көрөйүн деген ою барбы? А Каныбек? Биз үндөбөсөк сен үндөбөй жүрө берет окшойсуң.

Каныбек дулдуюп үндөбөйт. «Башталды» деп койду оюнда. Саатты карады «Ишке барыш керек».

—Тайсалдаба! Отур! Күн алыста каттай бергидей саңа бекерчи адам жок. Палбан аванын кызын сүйлөшүп койдук. Оңун мурунку күйөөсүнөн бир кызы бар. Шо наристанын шарапаты менен кудай сага да берет. Мунуңду жөнөт, да башыңды ач. Тукумсуз өтөсүңбү же?

Каныбек шалдырап отуруп калды.

—Гүлайды кантип жөнөтөм? Ушунча жыл жакшы жашадык. Кантип кет дейм?...

—Болду! Сүйлөбө! Сен айтпасаң биз айтабыз. Өзү да түшүнүп турат. Кудай берсе ол да бирөөгө барып бала көрөр. Бирөөнүн пешенеси менен бирөөнүн пешенеси тең эмес. Өзүм эле айтам секин. Өзүм жүгү менен жеткирип коём.

—Жок ака, мен буга чыдабайм. Ол бечараны...

—Болду сүйлөбө! Билсең өзүңдөн бечара адам жок азыр. Жашың 40ка кетибатат.

—Ака!...

—Болду, башка гап жок! Ишиңе барып кел, кеч сүйлөшөбүз.

x x x

Ошол күнү Гүлайым мектепте да алда эмнени сезгендей, өзүнөн-өзү калтаарып жүрдү, үйгө келди. Очокко аш бышырып жүрөт, бүт денесин майда калтырак басып, жүрөк заада боло берди. Ою онго, санаасы санга бөлүндү. Ашын демдеп коюп да үйгө киралбай сыртта жүрө берди. Каныбек иштен

келбей кечигип жатты. Саат 10. Күтүп-күтүп жадаган Жайнак Гүлайымды чакырды. Гүлайым жакандоздун четине коомай отуруп сөз күтүп калды. Жайнак да негедир даай албагансып, тамагын түзөп, буйдала түштү да:

—Келиним,—деди ордунан бир аз копшолуп алып, — бир масилатка келдик эле. Бу кысталак болсо келбеди. Энди өзүң эсиң бар келиним, — андан ары сөзүн улай албай тизелерин мыжыгып алды,—сага миң марта ыраазыбыз. Энди бу... буям кудаанын иши. Балалуу болуп кетсеңер мен да селерге жаман көрүнбөй тиричилигимди тынч өткөрбөйт белем. Энди, келиним, бир тууган экенбиз, ойлосом тамагымдан аш өтпөйт. Кудай пешанаңарды ачса, сен дагы башка бирөө менен тирилик кылсаң парзант көрөрсүң...

Гүлайым колундагы чачык менен бетин басып ыйлап жиберди.

—Ыйлаба, келиним. Бу да кудаанын иши. Мындай болот деп ойлогон эмеспиз. Сени өз баламдай көрдүм эде. Сага миң марта ыраазымын балам—,Каракыз кемпир да көз жашын сүртүп, үшкүрүп отуруп калды.

Гүлайым чыйралды.

—Макул, аке, мен дагы укаңыздын багын мындан ары байлагым келбейт...

—Баракалла, келиним! Кудай сенин дагы багыңды ачсын.

x x x

Гүлайым ойгоо жаткан эле. Эшик такылдап калды. «Келди» деди ичинен күбүрөп. Каныбек кызуу келди. Гүлайым аны чечиндирип, бет-колун муздак суу менен жуундурду, уктоочу кийимдерин кийгизди да жаткырды. Экөөнүн ортосунда бир да сөз болгон жок. Бир убакта күйөөсү коңурук тартып уктап кетти. Өзү уктай албай жатып, таңга маал гана көзү илинди.

x x x

Эртеси райОНОго барып, эмгек китепчесин, калган кагаздарын алды да үйгө келди. Кайненеси менен кайнагасы күтүп отурушуптур. Гүлай чемоданга кийим, кечесин, китептерин, күйөөсү экөөнүн окуп жүргөндө түшкөн сүрөттөрү салынган альбомун салды да тигилердин жанына келди.

—Мен даярмын аке. Саат 12 болуп калды, самолёттон кечикпейин, али билет да ала элекмин,—деди.

Жайнак шашып калды:

—О жок! Жүкчү! Ону кантебиз? Өзүм жеткирем!

—Жүктүн мага кереги жок! Жакшы жаман тилим тийген болсо кечириңиздер! Кошуңуз апа!—деп төрдө отурган кайненесин кучактап өөп, буркурап, боздоп ыйлаган бойдон чемоданын алып, сыртка жүгүрүп чыгып кетти.

—Гүлайым! Токто! Каныбек келсин! — дей берген кемпир ордунан обдула берди. Жайнак болсо дабдырап, калошун тепсей кийип сыртка шашты.

— Гүлайым! О Гүлайым! Шашпа! Каныбек келсин! Гүлайым!!!

Бирок, Гүлайым эбак дарбазадан чыгып кеткен эле. Эне бала келиндин артынан барар-барбасын билбей отуруп калышты.

—Самолет учкуча барып узатайын!—деди Жайнак, адамгерчиликке жатпас, жакшы келин болду эле.

Экөө калдастап, такси кармап жеткиче жүргүнчүлөр перронго чыгып калган экен.

Кечинде Каныбек дагы кызуу келди. Кызарган көздөрү менен апасын анан акесин карады да жүрөгү бир нерсени сезгендей элеңдеп эки жагын алаңдады. Темселип ашканага кирди. Кайра чыкты.

—Апа Гүлай кана?

—Гүлайым...

Каныбек боюн түзөй калып, апасын кызарган көздөрү менен теше тиктеп калды.

—А? Гүлай кана?

—Аялың кетип калды Каныбек. Биз менен да чала коштошуп эле самолетко учуп кетип калды. Аркасынан жете албай калдык.

—Ухх!!!—дубалды бир муштады Каныбек. Көздөрү ан сайын кызарып жини кайнап чыкты,—акыры кетирип тындыңарбы? Жаныңар жай алдыбы! Көңүлүңөр жайына түштүбү! Мен онун аркасынан кетем! Албайм баягы катынды! Маңа Гүлайдан башка эч кимдин кереги жок!—чөк түшүп отура калды да эки мушу менен полду катуу муштап, өзүн кармай албай боздоп ыйлап жиберди.

x x x

Гүлайымдын кетиши Каныбекке ушунчалык оор тийди. Иңкиликти ичип, үйүнө да түнөбөйт. Каякта жүргөнү белги-

сиз. Сакалдары өсүп, арыктап, жаактары шимирилип калды. Кабинетинде да аз отурат дешти. Ушул абалда үч ай жүрдү.

Акыры көндүрүштү. Өздөрүнүн айылдык Палбан аттуу адамдын кызы Карачачты алып беришти. Каныбек алган аялын карап туруп өзүнө өзү кыжыры келет. Отурса турса кагып-силкип дегеле жактырбайт. Байкуш келин бужурөп, күйөөсүнүн көзүнүн агы менен айланат. Карачачтын кош бойлуу болуп калганын билгенде гана пейили саал өзгөрдү. Үйүнө убагында келип, аялына анча-мынча көңүл бөлө турган болду. Ай күнү жетип, келин уул төрөдү. Сагынып туулган баланын атын Сагынбек коюшту. Уулуна алаксыды Каныбек. Бирок, шаарга барып, Гүлайды издеп табуу, андан кечирим суроо, макул болсо кайра алып келүү, азыркы аялды кетирип жиберип, Гүлай менен кайра жашоо оюнан такыр кетпей койду. Акыры бир күнү ишинен командировка алып шаарга учту. Гүлайды акесинин үйүнөн таба албады, ооруканада экен. Жеңесинин айтуусуна караганда жүрөк оорулу болуп калыптыр. Келгенден тартып эле ооруптур.

Ооруканага келип Гүлайды чакыртты. Узун зал менен кызыл халатчан Гүлайым илкий басып келет. Каныбек көргөн көзүнө ишенбеди. Баягы толукшуган аппак жүзү арыктап, карарыңкы тарткан, көздөрү чуңурөйүп ичине кирген, колдорунун тарамышы чыгып турат. Мени ким чакыртты дегенсип тургандарды элендей карай берип, жанында өзүн тиктеп турган Каныбекти көрдү. Көздөрү бирден алайды, эриндери кубарып, алсырай баштаганын сезди да, жыгылып кетпейин деп колдорун создү. Каныбек тез жөлөй калды да жакын жердеги диванга жетеледи.

—Ө—өх!—Гүлайым чалкалай отуруп оор дем алды.

—Гүлай...—Каныбек кандайсың деген сөздү айталбады.

—...

—Гүлай!...—Каныбек Гүлайдын жаагына түшкөн саамайларын артка сылай берди,—кандайсың?...

—Көрүп турбайсыңбы, — деди шыпты тиктеген бойдон,—бажырайган көздөрүнөн жаш тоголонду.

— Мен сени алып кетем! Баланы алып калам. Өзү кете берсин. Экөөбүзгө шо бала жетет. Бүгүн эле алып кетем Гүлүм! Алып кетем! Сенсиз жашай албайм.

Каныбек токтоно албай аялынын колдорунан өпкүлөй баштады.

—Мен эми баралбай калдым го, Каныбек,—деди Гүлайым алсыз гана,—көрүп турасың го абалымды.

—Жок, сакайып кетесиң! Алмалыга алып чыгып кетем! Экөөбүз алачыкты тигип алабыз! Тагамдыкына келип турабыз! Сен сакайганча Алмалыда жашайбыз! Гүлүм! Алым кетем!


Гүлайымдын көздөрүнөн мончок - мончок жаш ага берди. Көпкө ыйлады. Кирип чыккандар экөөн карап коюп өтүп жатышты.

—Мени унутуп койду дедим эле. Көрсө унуткан эмес экенсиң. Мени издеп бир кайрылып келгениңе ыраазымын Каныбек. Мен эми арман кылбайм! Ыраазымын! Мен ыраазымын... Сен... Сен эми бара бер! Эртең келерсиң. Сени бир көрдүм, эми ыраазымын. Эми тынч уктайм. Катуу уктайм...

# «СИЗ МЕНИН АТАМСЫЗ...»

Солдаттардын баары тең жатаары менен эле уйкуга кетишкен. Сырттагы бакалардын чардаганы, андан-мындан чыккан коңурук уйкусураган үндөр Алишердин тынчын алып уктай албай жатты. Ал бала кезинен эле ушундай болчу. Кээ түндөрдү уктай албай,ой-санаага батып таң атырчу. Бүгүнкү уйкусунун качышына күндүзгү болуп өткөн окуя себепчи болду. Түшкү дем алуу учурунда Коля аттуу жигит сага кат келди, бийлеп берсең анан берем деп кыйнай баштады. «Кимден болду экен, деп ойлоду Алишер, Сатыбай акемден кечээ эле кат алдым эле. Же достордонбу. Бирок, Коля кыздардын колу менен жазылыптыр деп жатпайбы. Анда кимден болушу мүмкүн? Айласы кеткен Алишер өтүгүн тарпылдатып анча-мынча бийлеп берип кутулду. Кат колуна тийгенден кийин жалгыздап барып ачты. Чын эле бейтааныш кол.

«Алишер, садага болоюн, сен албетте мени билбейсиң. Мени көргөн да эмессиң. Сенин алдыңда мен күнөөлүмүн. Мен сени өтө кичине кезиңде таштап кеткенмин. Сенин апаңмын... Таштап кетишиме да турмуш, тагдыр күнөөлү. Бул аргасыздан болгон. Алишер сен менин уулумсуң. Армияга кеткениңди угуп, адресиңди сураштырып жүрүп таптым. Мени, бечара апаңды, аяйсың го деп ойлойм. Жашырып эмне кылайын, күйөөм, эки кызым бар. Карындаштарың сени көргүлөрү келип жүрөт. Сен жалгыз эмессиң. Кыз дагы болсо бир туугандарың бар. Алишер албетте, сени багып өстүргөн адамдар бар, бирок, ошентсе дагы сага өз апаң жакын го деп ойлойм. Армияны бүткөндө бизге эле келгин. Биз сени зарыгып күтөбүз. Бизде сен каалаган нерселердин бардыгы бар. Өзүнчө бөлөк заңгыраган үйүң бар, ичи толо байлык, машина да алып беремин. Пул жетишет. Жакшына чырайлуу кызга үйлөнтүп коём. Бизде эмне кааласаң баары бар. Өгөй болсо да атаң бар, ал кең пейил адам, сенден эч нерсени аябайт. Ошол үйдү ал өзү сага арнап, машина сатып берем деген да ошол өзү. Алишер, келгин, албетте, сени зарыгып күтөбүз.»



Адресин жазып туруп, Апаң Мактым» деп бүтүрүптүр катты.

Бул кат Алишердин жан дүйнөсүнө бүлүк салды. Тынч жаткан сезимин уйгу-туйгу кылды. Өткөн күндөрдү эстөөгө аргасыз кылды. Терең ойго батып, иштеген ишинен да алаксый берди. Достору менен чечилип сүйлөшө да албады. Көңүлүндө бир гана суроо кайталанат: «Эмне үчүн таштап кеткен?» «Эмне үчүн убагында издеп табууга аракет кылбады? Мен апалуу болгум келип, куса болгон балалык чагымда кайда эле? Эми мен эр жетип, жигит болгондо эстеген экен да...»

Алишердин көз алдына чачын ак аралаган мээримдүү аялдын элеси тартылат. Туруп-туруп Алишердин көңүлү бошоп, ошол мээримдүү аялдын өз апасы экенине, жарык дүйнөдө апасы бар экенине жетине албай ээрээркеди, бир туруп апасынын көкүрөгүнө башын коюп алып баарын айтып ыйлагысы келди. Арманын айткысы келди.

Жатууга уруксат берилди. Мына эми ойлонууга убакыт жетти. эч ким тоскоолдук кылбайт. Кайра баягы аял көз алдына келет. Зангыраган жаңы үй, жапжаны машина, үйлөнүү... Апасына барса эле байлыкка тунуп жатып калат экен да... Бөтөн адамдардын, өмүрүндө бир жолу көрбөгөн апасынын, өмүрүндө көрбөгөн өгөй атанын, карындаштарынын чөйрөсүнө барууну ойлоду. Көрсө менин дагы апам бар турбайбы деген да ой келет. Анан эле туурулган барбагай манчалары менен бүчүлүгүн өткөрүп, төшүн кумтулап. ушунчалык камкордук көрүп аскерге узатып калган Сатыбай акеси да көз алдына келет. Анын колдору канчалык катуу, туурулган болсо дагы Алишердин жүрөгүнө ошончолук жакын эле. Көптү көргөн, оор басырыктуу, Сатыбай акеси Алишерди багып чоңойтту. Ал колхоздо тракторчу болуп иштейт. Дайыма ойго баткансып жүрчү акеси азыр көз алдына даана элестеди. Очокко отту чоң жагып, чай ичип отуруп, кыштын узун түндөрүндө өзүнүн башынан өткөргөн окуяларын же кызыктуу жомокторду айтып берээр эле. Алишер буларды шунчалык кызыгып укчу. Чоңойгон сайын акеси башынан өткөргөн окуяларга кызыга баштады. Айрыкча бир аңгемеси эсинен түк чыкпайт.

«Анда айылыбызга совет бийлиги жаңыдан орноп, байларды кулакка тартып жаткан кез. Колхоз уюштурула баштаган. Биз аялым экөөбүз. сенин ата-энең алгачкылардан болуп колхозго киргенбиз. Байларды колхозго мүчөлүккө алышпады. Алардын малы, мүлкү ортолукка алынып жатты.

Ошондо эсебин тапкандары басмачы болуп чыгып кетишкен эле. Колхозго киргендерди, комсомолго мүчө болгондорду түн жамынып келип өлтүрүп кетип турушкан. Бир күнү басмачылар биздин үйгө келишти. Мени бизге кошулгун, колхоздон чыккын деп кыйнай башташты. Мен макул болбой койгонумдан кийин мени чала жан болгончо сабап таштап кетишкен. Коңшулар келип жардам бериштир, эсиме келсем аялым өлүм алдында жатат. Мени уруп жатышканда чырылдап арага түшкөн экен басмачылардын бирөө ичине катуу тээптир. Аялым кош бойлуу болчу... Ошол түнү жылдыз толгондо жан берди. Жалгыз атымды да алып кетиштир. Менин басмачыларды жек көрүүм чегинен ашты, кызылдарга кошулуп кеттим. Акырында өчүмдү алдым, басмачыларды жок кылдык.

Сатыбай акем айтып бүтүп көпкө ойлуу отуруп калар эле. Алишердин да мындайда басмачыларга кыжырым келчү. Мектепте болгон окуялар да эсинен кетпей калды. Бир жолу 8-март майрамына карата апаларга белек камдамай болуп, класс жетекчи уюштуруп калды. Ким кайсы ырды ырдайт апасы үчүн дегенде ар кимиси билген ырын ырдап жатты. Алишердин унчукпай отурганын көргөндө класс жетекчиси:

— Алишер, сен кайсыны ырдайсың?— деп сурады. Алишер эмне дээрин билбейт. Аңгыча артта отурган Акпар деген бала тура калып: —

—Эжеке, анын апасы жок, шого ырдагысы келбей атат, —деди. Жакшы сөз айттым го дегенсип классты тегерене карады да жек көргөн көз караштардан жалтанып отура калды. Мына ошондо Алишер эжекесинин сооротконуна да болбой көпкө чейин буулугуп ыйлаган. Ата-энелер чогулушу болгондо дайыма Алишер капа болуп калчу. Ал чогулушка кимди айтып келет, башкалардын апалары келип балдары жөнүндө мугалим менен сүйлөшүп калат же аталары келет. Сатыбай акеси болсо кероэлден кечке трактор айдап талаада. Мындай учурларда Алишер ызаланып, өксүп калчу. Апалары жөнүндө достору өз ара сүйлөшүп калса эч качан сөзгө кошулчу эмес. Ыйлап-ыйлап алат жалгыз калганда. Бирөөлөр менен урушуп калса да акесине айтчу эмес. Баарын кичинекей көөдөнүнө жашырат. Алишер ошол кездерде, башка балдарга окшоп бактылуу болгусу келген...

Көбүнчө апасынын бар экенин анык биле албай, болсо да каякта экенин билбей кыйналчу. Атасы го согушка кетип,

андан кайтпай калган экен. А апасычы? Эмне үчүн Алишерди таштап кетти? өзү менен кошо эмне үчүн ала кеткен жок?

—Эми минтип эр жеткенде эстеп, мага келип уул болгун деп чакырып отурат. Байлыгын туш кылып, мени байлык менен имерип алгысы келип атабы? Кичинекейинен эне жытына зар болуп, өмүр бою көксөп, зарлап жүрүп, өксүп жүрүп чоңойсо да апасынын минтип табылышы аны кымындай да сүйүнтпөдү. Ал тээ бала чагынан эле чачын ак аралаган мээримдүү аялдын өзүн издеп келишин, мектепке издеп келип табышын, анан балдардын көзүнчө уулум деп кучактап эркелетишин кыялында күтүп жүргөн. Жок андай болбоду.

Сатыбай акеси картайып баратат. Ал киши Алишер деп өмүрүн арнады. Уялашымдан калган деп колунан келишинче ага ата да эне да болууга аракет кылды. Бар тапканына кийиндирди, ичиндирди, тарбиялады. Ал азыр мени зарыгып күтүп жүрөт. Мен анын эмгегин кайтарып, аны мындан ары мен багышым керек. Мага башка эч кимдин кереги жок эми! Мага эң жакын адам ошол Сатыбай акем деп чечти.

Апасынын катын алып келген Коля досу жанындагы керебетте коңурукту кош тартып бейкапар уктап жатат. Анын апасы, атасы, бир туугандары бар. Кечээ эле чогуу сүрөткө түшүп Коляга салып жибериптир.

Эртеси Алишер почта ящигине жаңы катты салды. Анда мындай деп жазылган эле: «Аке! Саламатсызбы? Ден соолугуңуз жакшыбы? Эмне үчүн ушул кезге чейин сизди аке деп жүрдүм? Сиз менин атамсыз. Үйгө барганда мен сизди ата дейм. Бир айга жетип жетпей үйгө кайтып калабыз. Уулуңузду тосуп алыңыз «АТА!» Алишер».

# АРМАН

Сатар дубалга сүйөнгөн калыбында огура берди. Жүрөгүн армандуу өкүнүч сайгылап, жанын кыйнайт. Айгүлдүн күндөлүк дептерин кайрадан колуна алып, аргасыз барактай баштады. «27-октябрь, — деп жазылган бир барагында,— Айгүлдүн сүйүктүү колу менен,—энем экөөбүз кечке чейин газаң топтодук. Аябай чарчадым. Көңүлдү чөктүргөн, кунарсыз күндөр биринин артынан бири өтүп жатты. Мейли, мен сен үчүн баарына чыдайм. Күтүү азабына да, куса болуп кыйналганыма да, сагыныч азабына да... Үйдөгүлөрдүн мага болгон мамилесине да... Сен окууну тезирээк эле бүтүп келсең болду эле»,—деген саптарды кайталап окуду. Сатардын көз алдынан аргасыз Айгүл экөөнүн бирге өткөргөн күндөрү элестээр, ан сайын колуктусуна болгон аё сезими күч ала берди. Анан ал кеберсиген эриндерин араң кыймылдатып: «Айгүлүм, сен мага эч нерсе айтпадың. Эмне үчүн? Мен өлгөндөн кийин арман кылып күйүп жүрсүн дедиңби? деп күбүрөп алды. Күндөлүктү аргасыздан дагы барактайт. Анан мына буларды окуду: «Бүгүн сен жөнөп кеттиң алыска, а мен калдым силердин үйүңөрдө жалгыз. Тоюбуз болгондон бир аптадан кийин эле сен кетип калдың. Жок дегенде дагы бир апта бирге боло албадык. Адатта жубайлар бирге жашаш керек. А сен болсо алыста, мен быякта. Мында кандай турмуш болот. Мен сени сагындым...» Сатар күндөлүктү дагы барактай берди. «Деги сен өзүң кандай жансың? Мен жөнүндө ойлойсуңбу? А мен болсо күн-түнү сен жөнүндө гана ойлоном. Азыр да сени ойлоп отурам». Андан ары: «Кеткениңе бир ай болуп калды. Бул мен үчүн бир жылга эле тете болду. Ойлогонум эле сен. Экөөбүздүн келечегибиз. Бири-бирибиздин кадырыбызга жетээр бекенбиз. Эгер сен мени мен сени сүйгөндөй сүйсөң анда бактылуу болоор элек». «Сенин жогуна бир аз үйрөнүп калдым. Үйдөгү майда-чүйдө жумуштар. Тамеки алаксытат. Сең ойлойсуңбу? Сатар, бирөөнүн үйүнө келип жашаш оңой эмес. Сен аны кайдан билмек элең. Анын үстүнө сен болбосоң».

Күндөлүктүн ар бир барагы, анда жазылгандар Сатар үчүн оор боло берди. «Кайдасың бул күндөрдө өмүрлөшүм? Салдың го жүрөгүмө сагынычты, аргасыз алыстоонун азабынан жаныма катып жүрөм кусалыкты. А сен мени сагындыңбы? Мен сени алда кимден кызганам. Сени бирөө карап койсо эле аны тытып таштоого даярмын». «Апа менен кайненемин айырмасы кыйла экен. Мен кайненемди өз апамдай эле көрчүмүн. Бирок, ал киши мени өз кызындай көрө албады. Майда - чүйдөдөн кыйкым таап жемелейт. Кыскасы менин отурган турганым, сүйлөгөн сөзүм, кылган ишим баары эле жакпагансыйт. Мейли, Сатар мен сен үчүн буга чыдай берем».

«Көңүлсүз күндөр өтүп жатты. Раса кысылып кеттим. Башым да ооруй турган болуп калды. Бара-бара сен менден алыстап бараткандайсың. Убагында келбейсиң. Андан көрө аскерге кетсеңчи, эки жылдан кийин келет деп жүрө берет элем. Сен келбейсиң зарыктырып. Сенде арзуу сезим, сүйүү барбы, жокпу билбей да калдым. Кээде турмуш каалаган каалабаганыңа карабай өз билгенине бурар, бирок, абийириңди жоготпо...».

«Сен окуудасың. Турмуш курганыбызга 3 жыл толуп жатат, дале сен алыста, мен мында. Убакыт өткөн сайын сенин мамилең суз тартып келе жатат. Кыялым менен каяктарга гана барбайм. А сен кыялданасыңбы?

Андан ары «Сен келип тез эле кайра кетип калдың». «Кайын энем мени бала төрөбөйсүң деп жек көрө баштады. Сен да келген сайын энемдин сөзүн айтчу болдуң. Шашпа, Сатар, мен да эне болоормун».

Сатардын колдору шалдырап, андан ары күндөлүктү барактай албай калды. Дубалга сүйөнүп, көздөрүн жумду. Андан ары окууга кудурети жетпечүдөй шалдырады. Бирок, чымыркаып барактай баштады, окуй берди... Айгүл Сатар менен баш кошкондон өмүрүнүн акыркы минуталарына чейинки ой-сезимин бүт жаза берген. Жүрөгүн эзген сагыныч кусалыгын жаза берген. Сатарга болгон сүйүүсүн, эсте каларлык күндөрүн тизмектештирип жаза берген экен. Күндөлүктүн акыркы барактарында да күйөөсүнөн үмүтүн үзбөй күткөн 20 жаштагы сулуу кыз өзүнүн бүткүл жан дүйнөсүндөгү сырын кагаз бетине түшүргөн экен. Сатар калтыраган колдору менен күндөлүктүн биринчи бетиндеги Айгүлдүн сүрөтүн акырын гана сылады. Көздөрү карагаттай болгон бул кыз жаш баладай, бөйтөйүп билинер-билинбес күлүмсүрөп турат.

—Эх, Айгүл! Сен мени шунчалык берилип сүйгөн белең,

жаным! Мени ушунча жылдар бою зарыгып күтүп жүрдүң беле! Шону байкабаган мен акмакмын! Акмак болгон башым эч нерсени байкабапмын! Сендей жароокер кыздын жүрөгүн түшүнө албаган, мен акмак! Өзүн ак эткенден так этип күткөн кыздын жүрөгүн түшүнө албаган, анын таза сүйүүсүнө татый албаган мен айбан! Эми анын күндөлүгүн окуп айланамбы! Бул ыйык дептерге, Айгүл кармаган, жүрөк сырларын сүртүп кеткен дептерге кол тийгизүүгө арзыбай калдым!

Саттардын жүрөгү Айгүлдү аяп, өкүнүчтөн жаны кыйналып турду. Жатып калды сулк. Айгүл сүйүүгө канбаган айыпсыз көздөрү менен Сатарды карап тургансыды. Ап сайын чыдай албай ооналактайт.

—Мен итми-ип!-деп кыйкырды ал үйдү башына кие,—Айгүл сен эмнеге ушуларды убагында мага айтпадың экен? Ар келген сайын жетине албай сүйүнгөнүң, жөнөгөндө көздөрүңдүн жашка толуп жалдырап калгандарың... Көрсө мага болгон арзууңду, сүйүүңдү айтууга аялдык ариет-намысың жол бербей, баарын мамилең менен билдиргиң келген экен да. Мен акмак аны түшүнгөн эмес турбаймбы. Көрсө сүйүү деген эмне экенин түшүнбөпмүн. Неге түйбадым убагында. Көрсө сен мага, мен сыяктуу айбанга кыз сүйүүсүн түшүнө албаган акмакка айып болгон экенсиң...

Сатар күндөлүктү андан ары барактоого жүрөгү даабады. Андагы Айгүлдүн ар бир сөзү жүрөгүнө ийнедей тепчилип, күйгүзө берди. Айгүлдүн чоң сууга өзүн таштап өлүшүнө өзүң гана айыптуу деп сезди. Болгондо да өзүн жан оту менен берилип сүйгөн, жүрөгүн өмүр бою арнаган, акылы тунук, аруу сезим, бото көз кыздын өлүмүнө өзүм гана себепчимин деп чечти. Эми мен өзүмдү өлтүрсөм да абийир соту кечирбес. Айгүлдүн күлгүн кезинде, өлүмгө дуушар болушу менин гана акмакчылыгымдан деп билди. Анын кадырына-баркына жете албадым. Үйдөгүлөрдүн сөзүнө кирип канча жолу капа кылдым, канча жолу ыйлаттым. Мен бул үчүн өзүмдү өзүм эч качан кечирбейм. Мен акмак болгон экенмин.

Сатар чалкасынан жаткан тейде үйдү айландырып карай баштады жалдырап. Айгүлдүн колу менен сайылган кештелер. Жүрөк сырларын сүртүп, көз нурналы менен тепчиген кештелер. Анын ар бириңде сүйүү тууралу айтылган...

Адам баласынын кадыры өлгөндөн кийин билинет деген ушулбу. Жок, Айгүлдүн баркына тирүүсүндө жете албадым.

Айгүл! Кечир мени! Сенин арбагыңдын алдында тизе бүгөм! Кечир! Эми мени сенчелик эч ким сүйө албайт, билип турам. Айгүл! Айылымдын шаркырап аккан суусу сенсиң! Беттен сылаган салкын жели сен! Көктөгү күн сен! Караңгыны жарыткан ай сен! Сенин сүйүүң, сенин өлүмүң менин түбөлүк арман күүгө салды. Мен бул күүнү тээ, өмүрүмдүн акыркы минуталарына дейре чертермин... Өлөр өлгүчөм сенин элесиңе сыйынармын. Армандуу жүрөгүмдү азапка салаармын... Үч жылдын ичинде бала төрөп бере албаганыңа, мени жана апамды ошону менен ыраазы кыла албаганыңа арман кылган жаш жүрөгүң канча ирет сыздады экен? Сен али өзүң бала бойдон эмес беле гүлүм! Ошону сенин тирүү кезиңде менин акмак болгон башым неге ойлободу?!! Бул мен үчүн кечиримсиз күнөө, мындан аркы жашоомдо кошо жүрүүчү, кошо жашоочу түбөлүк арман...

# НАРИМАН

Нариман эки челекти бакаңга илип мүрүсүнө койду да булакка жөнөдү. Эрте жаздын салкын шападасы ак марал-дай керилген сулуунун кундуз саамайларын назик сылаар экен, кыз жүрөгү ан сайын алып учуп, сурмалуу кара көздөрүн жоодурата кимдир бирөөнү издегенсийт. Сулуу булак боюнда күн сайын өзүн күтүп турган ичке кара мурутчан ак куба жигиттин караанын издеп келет. Ана! Ошол! Кыз жүрөгү ченден тыш туйлай баштады! Бирок, жакындаган сайын... Жок... Жок... Ал эмес экен! «Жок!» деди кыз күбүрөп. Ал мындан мурда сүйлөшүп жүргөн Мамай экенине көзү жеткенде эмне кылаарын билбей тык токтоду. Бирок, артына кайтып да кете албады. «Шундан кутулбадым да. Качан болсо жолумда тургансы турган, телпейбей өлгүр!»

Нариман сууну шашып-бушуп алды да артына жөнөй берди.

—Нариман!-деди жигит кардыккан үнү менен араң.

—Жогол!-кыз шунчалык жек көрө, көздөрүнөн жалын чачып, ченден тыш катуу кыйкырып жиберди. Бирок, Мамай-дын ормогой жүзүнүн купкуу тартып кеткенин, көздөрүндөгү жалынычты көрүп калды.

Кыздын күткөнү мурутчан ак куба жигит эле. Ал күнүгө Нариман сууга келээрде аппак машинесин далдаага токтотуп

коюп, өзү булак боюнда кызды күтчү. Ал жигит Нариманга капыстан жолугуп калып, анын Мамай менен болгон мамилесин бузду. Ошондон бери Мамайдын жүрөгүн өрт чалып, жигиттик ар-намысы жанын кыйнап келер, өзүн коёрго жер таппай таң атканча чабалактап уктай албай чыгат. Тирүүлөй азап тарта берди. Шул бүгүн ал эң акыркы үмүтү менен кыз жолун тороп чыккан эле. Кыздын «Жогол!» деген кыйкырыгы эми биротоло жүрөгүн тилип таштады. Шо-шо болду, кыздын артынан жүгүргөнүн койду.

Ошондон жарым ай өтпөй Нариман ак машинеси бар ак куба жигит менен качып кетти. Бирок, келин болуп барганына бир ай болбой эле гүрүчтөй аппак тиштери сынып, өңү шапайып, көз жашын төгүп атасынын үйүнө кайтып келди. Көрсө ак куба жигит кургурдун аялы, эки баласы бар экен. Мени неге алдадың деп айгай салган сулууну тепкилеп салыптыр дешти.

Кыз сүйүүсү шуну менен бүттү. Мамай болсо шаарга кетип калган. Окуп жатат экен дешти эл. Ырас ошондон 5-6 жыл өткөн соң пап-пазик, солкулдаган сулуу колукту алып келип калды. Окуусун бүтүптүр. Шол түнү Нариман эч кимге көрүнбөй таң атканча ыйлап чыкты. Шонтип үч күн ыйлады.

Оо, андан бери далай карлар эрип, далай көктөм келди. Далай сүйүүлөр бүрдөп гүл ачты. Мөмө байлады. Эл өсүп айыл өзгөрдү. Бирок, баягы Нариман суу алчу булак дале болсо сүйүүлөрдүн күбөсү болуп, кулакка жагымдуу шылдырап турат дешет.

# КАРГАШАЛУУ СААТ

Кумар мектепке жапжаңы кол саат тагынып келди. Анын ар күнү ар башка кымбат баалуу кийимдерди кийип келишине классташтары таң калбайт. Анткени, Кумардын атасы бай, чоң кызматта иштейт дешет. Бирок бүгүнкү тагып келген саатына балдар кызыга тегеректеп калышты.

—Импортный. Атам Москвадан апкелди,-деди мактанып.

—Чёткий экен, берчи көрөйүн,-деди Жылдызбек кызыгып.

—Болбойт. Атам колуңдан чечпе деген. Бул, билесиңерби, 200 сомдук саат!-деди ого бетер бааланып. Анан кайра,—а боптур, көрсөңөр көргүлө,-деп саатты чечип Жылдызбекке берди. Жылдызбек саатты айландыра карап, таң калып турду эле, арттан бирөө түртүп жиберди. Саат ыргып кетип, асфальтка «карс» дей түштү. Коркуп кеткен Жылдызбек сааты ала коюп эле, өңалеттен кетип туруп калды. Сааттын айнеги быт-чыт сыныптыр, азыр эле миң түс бере кубулуп, убакытты көрсөтүп турган электроникасы да тык токтоп, иштен чыгыптыр.

—Саатты жедиң! Айттым го!-Кумар оозуна кирген сөздөр менен сөгүнүп, Жылдызбекке асылды. Экөө ит жыгылыш болуп, Жылдызбекти басып алган Кумар оозу мурдуна муш менен согуп жатат. Колдору менен калкалаган Жылдызбек кол кайыра албай, Кумардын ар бир соккусунан башы кежең этип, асфальтка катуу тийип жатты. Классташтар көз ачып жумганча болгон бул окуяга эс-учтарын жыя албай саамга туруп калышты. Анан Кумарды Жылдызбектен араң тартып алышты.

—Төлө! Азыр төлөйсүң! Аз-зыр!...-ызырынган Кумар күч бербей жулкунуп жатат.

Ал күнкү сабакка эч кимиси көңүл бурган жок. Баарынын оюу Жылдызбекте. Эми Кумардан кантип кутулат. Анча акчаны кайдан алат? Танаписте классташтар топтошуп алып бир нерсени талкуулап жатышты. Ар бир танапис сайын Кумар бозала болуп отурган Жылдызбекти кекетип, «Эртең саар менен 250 сом акча колумда болсун» деп

кекете берди. Болбосо ооруканада жаткан апаңа барып туруп өндүрүп аламын деп коркутуп жатты. Апасы көптөн бери ооруканада Жылдызбектин, 8-класста окуган эжеси жана эки үкаси болуп кыйналып жашап турушат. Анча акчаны чын эле эми каяктан алат? Жылдызбек үчүн ар бир мүнөт азап менен өтүп жатты. Муну апасы укпасын, эжеси укса да ыйлайт. Ансыз деле кыйналганда ыйлап жиберчү эмес беле.

Ал күнү Жылдызбек таң атканча уктай албады. Түшүндө Кумар чооң овчаркалар менен кубалап жүрүптүр. Бирде муунтуп жаткандай болот.

Таң атты. Жылдызбек мектепке барбай койсомбу дейт, антсе Кумар жетип келип, баарын ашкере кылабы деп коркот. Барбаса, менден коркту деп дагы классташтардын алдында уят кылат. Кыскасы барбаска айласы жок. Сумкасын көтөрүп бозоруп мектепке келди. Босогодон эле Кумар тосуп алды:

—Кана пул?

—Кумар дос... Эртеге...

Аңдоостон тийгён муштан Жылдызбектин көзүнө от чагыла түштү да мурдунан ысык кан агып кетти. Колу менен мурдун баскан тейде сууга жүгүрдү Жылдызбек. Артынан Кумар келе жатты. Анан тапырап балдар кыздар келишти. Кумар менен Жылдызбекти ортого алышты да Айбек:

—Мына Кумар сааттын пулу, 250 сом! Эми Жылдызды жайына кой!-деди. Кумар колуна тийген пулду секин шашпай санап туруп, жынсы шымынын чөнтөгүнө салып, үнчүкпай топтун арасынан чыгып кетти. Эч нерсеге түшүнбөгөн Жылдызбек алаңдап туруп калды. Көрсө классташтар кечетен бери пул топтошкон экен.

—Ырахмат достор...-деди жүзү албырып. Айбек аны кучактады, баары Жылдызбекти кучактап классты көздөп жөнөштү. Жылдызбек болсо өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлап баратты...

# МУРУТЧАН ЖИГИТ

Бири сегиз, бири он жаштардагы эки бала автобустагы элдин капортосунда кысылышып келатты. Кичүүсүнүн бетинде бирин-серин сепкили бар, экөөнүн мурундары теңирейип окшош, саргыч чачтары да окшош эле. Элдин көптүгү ушунчалык, эки бала бүжүрөйүп, былк эте албай турушат. Автобус да ынтыгып араң эле ордунан жылып бараткандай. Так ушул кысылышта балдардын кичүүсү кыйналып кысталып улам эле колун чонтоюна салып, бирдеме издегенсип тынчсызданып жатты. Улуусу андан көзүн албайт.

—Жокпу?-деди улуусу өктөм унчугуп.

—Чык...-кичүүсү көздөрүн алаңдатып дале чонтоюн аңтарып жатты.

—Энди имне кылабыз? Мен чонтоюма салам деп өлүп кеттиң да бая, маңа эле тек койгонуңда жоголбойт эде. Өлүп кет энди, шопур түшүрүп таштайт.

Кичинесинин алагар көздөрүнө жаш тегеренди, бирөө а десе эле бакырып коё берүүгө даяр, өзүн зордоп гана кармап тургандай. Бая жөнөгөндө атасы жол киреге деген пулду мен салып жүрөм деп акесине бербей койгонуна эми өкүнүп, эмне кылаар айласын таппай келет. Чонтоюмдун бир бурчунда калып калды бекен деген үмүт менен кайра-кайра чонтоюн аңтарат. Же жерге түшүп калдыбы, бут астын карайын десе тыгылышта такыр мүмкүн эмес. Автобуска жүгүрүп келатканда түшүп калган окшойт. Же...

Балдардын мындай абалы менен кимдин иши бар, ак сакал, көк сакалдар арт жакта автобустун ичин жаңыртып аския тартып келатышат. Айылга жакындаган сайын экөөнүн тынчы кетет.

—Оо, шопур ака, токтотуп коюң!-деп зоңкулдады бирөө капысынан арт жактан, Автобус силкинип токтоп калды. «Энди шопур пул алат» деп жүрөктөрү зырылдап турду эки баланын. Айткандай эле:

—Оп-па, кана кимде белет жок?-деп алдыңкы эшиктен шоп эте чыга келди шопур. Карасур киши экен, олбурлуу, балдар-

дын көзүнө так ушундай көрүндү. Ал мойнуна асынган кара сумкасынан тоголоктолгон белетти алып чыкты.

—Кана ортодогулар түшүп тургула, мен эсептешип алайын, —деди. Ортодо кысылышып тургандар көңүлсүз гана түшө башташты. Бошой калгандан пайдаланган балдар жерди карап элеңдешет, табылып калабы деген үмүт менен. Экөөнүн тең жүрөктөрү түрсүлдөп кагып, денелерин майда калтырак басты. «Урушса чынын айтам, деп ойлоду улуусу, атам күнөө кылсаң да чындыкты айт» деп айтпады беле. Апам ооруп доктурга жатты, биз тайнеме баратабыз, ошону айтканы, апам катуу оорупбатат деп чынын айтсам кечирээр...»

—Эй, балдар эмне издеп жатасыңар? Кана түшкүлө! Бол, тез! Шопурдун ар бир сөзү балдардын жүрөгүнө ийнедей сайылат. Айыптуу немедей түшүүгө камынышты эле, шопур кайта токтотуп калды.

—А майли түшпөй эле койгула. Кана тыйыныңарды бергиле!

—...

—Эй балдар, кулагыңар угабы, кана тыйыныңар дебатам!

Улуусу сөз айтууга эптенди:

—А-аб-а, биз...

—Эмне биз, биз, бол тез, кетишибиз керек да. Силерди күтүп турайынбы?

—Аба, биз, сизге... Пулду укам жоготуп...

Шопур кулак салбайт.

—Ой кимдин баласысыңар? Бу ата-энеңер акча бербедиби? Же алардан качып чыккан окшойсуңар аа? Кулигандар! Жалган айтып кутулам дейсиңби, кулиг...

—Тым эле койчу, энди жаш балдар экен,—деди кимдир бирөө арт жактан.

—Аа, энди бала да, жоготсо жоготуп койгондур.

—Азыргы балдар ата-энеден сурайбы, баары эле бейбаш болуп бүткөн да—деген кобур-собур күчөп, балдарды ого бетер кысып жиберди. Аңгыча жан жакта отурган кара мурутчан жигит ордунан шарт тура калды:

Аке, мен төлөйм, балдардын тыйынын,—ал чонтоюнан акча сууруп шопурга берди,—тим коюң балдарды.

—Бая эле шонтүп айтпайсыңбы, бу кысталактар мени алдагылары келет,—баччагарлар.

—А, эч нерсе эмес жигиттер,—деп койду ал.

Ушунун баарына өзүн айыптуу сезе болкулдап ыйлап жаткан балдардын кичиги жашка толгон алагар көздөрү менен жигитке карап койду мурдун шуу тартып.

—Эй, сен эмне ыйлап атасың. Жигит киши ыйлабайт да. Атың ким?
—Бобо-лот,—деди бала шолоктоп.
—Ыйлаба, кел экөөбүз дос болобуз,—жигит анын кичинекей колун өзүнүн алаканына сала кысып койду жылмая. Анын ушул туруш-турпаты баланын сезиминде түбөлүк сакталып калды.

x x x

О кыйла жыл өттү. Тыйынын жоготуп ыйлаган Болот ңочоюп, билимдүү жигит болду. Окууну бүтүп келип, бир мекемеде иштеп калган эле. Бирок, ал тээ алыста калган бала чагын, автобустагы окуяны, кара мурутчан кишини эч бир унуткан жок. Ошол окуядан кийин Болот ал жигитти жолдо бир эки ирет жолуктуруп салам берген, ал баланы таанымбай эле алик алып кете берген.
Иштеген жеринен иш боюнча командировкалап Ошко келген эле. Шаарда эки-үч күн туруп, кетер күнү шашылыш автостанцияга келсе акыркы автобус да кетип калган экен. Шалдайып туруп калды. Эмне кылыш керек? А бүгүн үйгө сөзсүз барбаса болбойт, апасы ылкак болуп жаткан чыгар. Аңгыча өзүнө окшоп автобустан калып кеткен үч адамга жолукту, алар менен бирге такси жалдап кетүүнү макулдашты. Өчөшкөндөй такси да жок. Улам бир машинага жүгүрө берип да чарчашты. Акыры бир шопурду араң дегенде көндүрүштү эле ал «Мен азы» деп коюп автостанциянын конторасына жүгүрүп кирип кетти. Жүргүнчүлөр машинага отурушту.
—Жол азабы—гөр гөр азабы,—бейкасам тон кийген аксакал киши колун ушалады,—суук али күчүндө экен, жаныбар, чилде чыга элек да аа?
—Чилде чыга элек, чыкса сууктун мизи кайтып калат эде, —деди Болоттун жанына отурган арык киши. Аңгыча шопур да келди.
—Кеттикпи?—деди ал рулга отуруп жатып.
—Куда каалаcа кеттик, кудай жолубузду ачсын,оомин!,— бата кылышты тегиз. Машина ордунан козголо бергенде ары жактан көтөрүнчөктөрү менен бир мойсопут киши жүгүрүп жете келди да, шопурдун айнегине эңкээ берип:
—Ука, жай болсо..—деди жалдырай..
Бул кишини Болот таанып калды. «Кара мурутчан киши!». Ошол!

—Көрүп турбайсызбы, аксакал, орун жок.

Тиги киши эмне кылаарын билбей туруп калды. Кеч кирип бараткан эле.

—Токтоңуз!—дей берген Болот шашыла эшикти ачып түштү да, мурутчан киши менен учураша кетти.

—Ассалому алейкум, аксакал, кандай дамдуу жүрөсүзбү? Келиңиз, отуруңуз мен каламын, менин ордума отуруңуз?

—Бу... Сенчи? А майли, ырахмат саңа ука! Көп жашагын илайым, кудай өмүрүңдү узун кылсын.

Жигит чөнтөгүнөн акча сууруп чыгып шопурга узатты:

—Бул аксакалдын жол кирести ака, алыңыз?

—А, майли, бизге баары бир, ким кетет, ким калат; анда кеттикпи?

—Оой, ой, сен... Өзүм төлөйм да, калып кеткениң аз келгенсип...-деген бойдон айнектен башын чыгара кыйкырып кара мурутчан киши эч нерсеге түшүнбөй кете берди. Заматта машина көздөн кайым болду. Кеч күүгүмдө шаарда калып кеткенине өкүнгөн жок Болот, кайра анын жүрөгүн кубаныч бийлеп, толкулданып турду.

# КЫЗГАНЫЧ

Айгүлдүн тынчы кетти. Күйөөсү алиге чейин жок. Жумуш убактысынын бүткөнү качан. Саат тогуздан өттү. Тамагы да эчак даяр болгон. Кичинекей уулу уктап жатат.

—Буга эмне болду деги?-үн чыгара өзүнө өзү суроо берди келин.—Бул адатын качан коёт? Мени үйгө отургузуп коюп дайыма шул. Өткөндө да аны-муну айтып кутулуп кеткен эле. «Ищ менен жүрдүм, чогулуш болду, ал эле, бул эле» дей берет. Мени алдайт да. Ушу Сейдананын айтканы туурабы дейм. Бирге иштеген Кайыргүл аттуу кыз менен күйөөң соо эмес дебедиби. Акыры Сейдана деле чогуу иштегенден кийин бир нерсени байкаган да. Болбосо...

Айгүл ызага муунa баштады. Өзүн коёрго жер таппай калчылдайт. Күзгүгө басып келди. Апакай жүзү ызасынан кызарып, ого бетер сулуу болуп кетиптир. Каштары чыйылып, көздөрү баркырайт. «Ушул өңүм менен мени чанат ээ! Ах! Эртең 1-Май эмеспи, Кайыргүлүн эркелетип ага белек алып берип жүргөндүр. Мени билбейт дейт да. Чыдай албайм! Ах!

Эркиндерге звонить этейинчи».

Келин телефонго барды.

—Алло! Зиядасыңбы? Эркин кайда? Тамаркада иштеп жатат? Жок, Нуралы келе элек. Ошону Эркинден сурайын дедим эле. Сурап берчи. Эмне, билбейм дейби, ай Зияда ал Кайыргүл менен бир жакта жүрөт. Болбосо ушунча жоголобу. Эмне кылайын? Чыдабай баратам. Ай, болушпачы, ал сөзсүз ошону менен... Азыр атасына барам ошол шерменденин... Атасына айтып...

Трубканы тарс койду. Илинип турган халатын шашыла кийип жөнөдү да, босогодо токтой калды. «Кетсем уулум ыйлап калбасын. ,Аа, таптым!» Кагаз калем алып столго отурду да жаза баштады: «Таштемир аке, кызыңыз Кайыргүл менин үй-бүлөмдү бузуп жатат. Уулумду жетим, өзүмдү жесир калтырмакчы. Менин күйөөм Нуралыны сүйүп калыптыр. Азыр да анын башын айландырып, бир жакка ээрчитип кетиптир. Кызыңызды тыясызбы же кызыңыз сыяктуу өзүңүздө да уят жокпу? деп Нуралынын аялы Айгүл».

Ал калтыраган колдору менен катты шаша бүктөп көчөгө чыкты. Ойноп жүргөн балдардын бирин чакыртып алды да:

—Ме, мына ушул катты, тиги чоң дүкөндүн жанындагы Таштемир акеге берип кел, үйүн билесиң ээ? Бол тез!

—Макул эже!-деп бала тызылдап жүгүргөн бойдон кетти. Күн уясына эбак батыптыр. Дарбазанын жанындагы алма тегиз гүлдөгөн экен. Кечки шоокумда алма гүлү көгүлтүр асман түспөлдөнүп өзгөчө кооз көрүнөт. Бирок, канчалык сонун болсо да бул көрүнүш Айгүлгө жаккан жок. Ал ачуусун баса албай турду. Тизелери да билинер-билинбес калтырайт. Күйөөсү келсе эмне кылуу керек экендигин чече албай жатты. Аңгыча дарбаза шарт ачылып Нуралы кирип келди. Жүзүндө кубаныч.

—Айгүл! Кандай гана жакшы болду. Сен айткан жоолукту таап келдим. Эртең майрамга салынып чыгасың. Жумуштан саат 5те эле кеткем. Такси менен бардым. Мына!

Нуралынын колунда өзү көптөн бери эңсеп жүргөн жапон жоолугу жарк дей түштү. Айгүлдүн жүрөгү зырп этип, каны бетине тээп чыкты. Азыр эле жиберген катты эстеди...

# НУРБЕК

Нурбек сабактан көңүлү суз чыкты. Ага жолдо жолуккандардын баары: ары-бери зуулдап өтүп жаткан машинелер да (Нурбек машинелерди жакшы көрчү), балмуздак сатылып жаткан жердеги топураган балдар да кызыксыз эле. Анын балалык сезимине бүлүк салган нерсе класстагы Кумаштын айткан сөздөрү болду. Класста балдар кечээ дем алышты кандайча өткөргөндүктөрү тууралу жарыша айтып жатышкан. Шондо кирпи чач Кумаш (аны балдар ушундай аташат) мактанып калды. «Биз атам менен кечээ көлгө бардык. Көл зор экен. Атам бизди кайыкка түшүрдү» деп жатты. Шондо Нурбек бул аңгемеге кошулгусу келбей басып кеткен. Өз атасы жөнүндө аргасыз ойлоду. Менин атам неге күндө эле мас боло берет? деп ойлоду ал жолдо баратып,—мурун мынча көп иччү эмес эле го. Мен биринчи класста окуп жүргөнүмдө мени мектепке жеткирип, кайра алып кетип турчу. Машинеге урунуп аласың деп. Күндөлүгүмдү да күнүгө текшерет эле. Азырчы? Качан болсо мас. Бизди ойлобойт.

Үйгө сумсайыңкы кирген баласын көрдү эне.

—Нурбек, сага не болду? Бир жериң оорубатабы?

—Жок...

Мектеп көйнөгүн чечип колуна кармалап өзүнөн бир нерсени сураялбай жатканын сезди апасы.

—Атам каякта?

—Ишке кеткен. Мне, бир нерсе болдубу?

—Жок, жөн эле.

Кечки оокатка атасы келбеди. Нурбек кеседеги оокатын да ичкиси келбеди. Кичине карындашынын эркелегенин, ары-бери жүгүрүп ойногонун да жактырбады. Күндөгүдөй аны менен ойнободу. Төшөктө көпкө чейин ойдолоктон атасын ойлоп уктай албай жатты. Бир кезде эшиктин кагылганын, апасы төшөгүнөн туруп эшикти ачканын жана атасынын түшүнүксүз кобурагандарын укту. «Дагы мас экен» деген ой баланын сезимин мүнөттө аралап өттү. Кайра-кайра эле «Эмне үчүн атам көп ичет?» деген суроолорду өзүнө бере берди.

Эртеси Нурбек сабакка жөнөп жатып, кийим илгичтеги атасынын костюмун көрүп, аны негедир кармалай кеткенин өзү да сезбей келды. Мурдуна жагымсыз жыт бур дей түштү. Азыр эле атасынын «Эми ичпейм, бүгүнөн баштап аракты таштайм» деп убаданын артынан убада берип жатканын ойлоду. Чын эле эми ичпей калат го деп кубанып турган баланын үмүтүн шул каңырсыган жыт өчүрүп таштагансыды.

Нурбек сабакта да атасын ойлонуп отурган. «Атам ишке барды бекен? Же дагы баягыдай начальнигинен жеме угуп жүрөбү? Мектептен чыгып келатып топ кишилердин арасында сөөмөйүн көтөрө сүйлөп, теңселип турган атасын көрүп калды. Бала турган жеринде катып калгансыды. Кичинекей мурду тердеп, жүзү албырып чыкты. Бакырайган көздөрү атасын теше тиктейт. «Шундай экен да, кана сааргы апама берген убадасы? Чоң кишилер да жалган сүйлөйбү?» Нурбек чечкиндүүлүк менен атасын көздөй басты.

—Ата, Ата! Жүр үйгө кетебиз?

—Эм-мне?-бери бурула берип Нурбекти көргөн атасы кыжынды,—с-сен мени ал-алып ке-тессиң-б-би? Бар! Жогол! Кыс-сталак!

Жол бою тикилдеп жүгүрүп келатты бала. Көзүнөн жашы он талаа. Шол бойдон келип жатып алды. Түн ичинде ысытма чыгып кыйнала баштады. Апасы чакырткан врач келип укол жасап, дары берип кетти. Ал мектепке барбай жылуу жаткын деп кеңеш берди. Шо күнү баланын ооруганын атасы билген да жок, ал тургай эртеси да, анын эртеси да билген жок. Үчүнчү күнү гана саар менен баланын жанына басып келди. Кызарып шишимик тарткан көздөрү тайсалдап:

—Нуртай эмне болду сага?-деди.

Нурбек жооп бербестен нары бурулуп жатып алды. Атасы баарын түшүндү, өзүнүн он чакты күндөн бери ичип жүргөнүн, жумушка барбай чогулушка түшүп, сөгүш алганын, аялынын капалуу көздөрүн, Нурбектин абалын көрүп жүрөгү азапка батты. Башын бекем чеңгелдеп отура кетти. Тарамыштуу колдору калтырайт.

—Кечирип кой Нуртай,-деди ал баланы эмес бир чекитти теше тиктеген калыбында,—кечиргиле мени баарыңар! Мен ит болгон турбаймбы? Кечиргиле!?

# МАЙРАМ АРАПАСЫНДА

Айкыз байбиче неберелерин жетелеп коргонду айланып жүргөн эле. Уул-келини, неберелери короо жайды тазалап жатышты көктөм майрамын утурлап.

Дарбазадан огланы кирди.

—Арыбаң, байбиче.

—Кел, Мыскал, кел.

Күнөстүү жерге көрпөчө салып отурушту эки кошуу. Өткөн күндөрү, кыз кезектерин эскеришти. Ошол кездеги пооруз майрамдары, айт күндөрү жөнүндө кыялдана эскеришип, кулпурган кыз кезектерин сагына тамшанып алышты.

—Киши карыганда жаш баладай болуп кетет турбайбы, деди Айкыз кемпир,—мени өзүң билесиң, жалгыз перзент эдем. Арбайыңа айланайын атам мени кызым эмес уулум деп базар-учарга да ээрчите берчү. Бир жолу айтка көйнөк алып берем деп Сокко үч-төрт козусун айдап, эшек менен жөнөп калдык. Сок дарыясында ол убакта көпүрүк жок, атам мени мастиңди чечип, козуларды айдап өт деди. Мен масти-калишимди атама бердим, ал киши эшек менен, мен сууну кечип козуларды айдап өттүм. Өтүп кийинн десем бир мастим менен бир калишим жок, атамдын колунан түшүп, сууга агып кетиптир!

—Энди имне кылам,-деп көзүмө жаш тегеренди.

—Бир бутуңа мастини, бир бутуңа калишти кийип ала бер, азыр козуларды сатып масти алып берем,-дейт атам.

Мен болбойм. Акыры урушуп кийгизди, бир бутума мастини, бир бутума калишти кийип козуларды айдап базарга кирип баратам. Чоңоюп эле калган убагым, уялганымды кантейин. Баары эле мени тиктегенсийт. Акыры бир козуну сатып масти калиш алып ошерде кийгизди.

—Ой тообаа-а хи-хи-хи!

—Габиң оозуңда оглап, мениң энемчи, белимчи сымал кемпир болчу.

—Билем, билем айшенемди, кызыкчыл киши эде да.

—Бир жолу энемди огландары айттайбыз деп топтолуп эшиктен чакырып калышты. Энем дабдырап жаңы көйнөк, лаазымын таппайт. «Ай, токто де олорду, кетип калбасындар!» деп коёт арасында. «Кетишпейт, шашпай кийине бериң»-десек да болбойт. Али көйнөгүн тетири кийип алат

же оромолун тетири салынып алат. Бир убакта энем жасанып чыкты, камзиринин түймөсү өткөзүлө элек, оромолу башынан жылбышып түшөйүн деп калган. Калишинин ээгин баса жүгүрүп чыкты эле, огландары:

—А, байбиче колтугуңуздагы имне?-дешти чуулдап. Чын эле энем колтугуна бир нерсени кыса чыккан экен.

—А өлөт алгыр, ма!-деп коргонго дубалдан ашыра ыргытып жиберди. Көрсө шашылгандан үйдө кийип жүргөн эски көйнөк, лаазымын бурдап колтугуна кыса чыккан турбайбы. Анысы дубалдын үстүнөн учуп келип экөө эки жерде жайыла түшүптүр. Айттап жөнөгөн кемпирлер энемдин жоругуна ичегилери үзүлө күлүп узай беришти.

—Ой тооба-а! Шундаям болот экен а, тоо-ба...

Айкыз кемпир менен Мыскал кемпир тишсиз оозуларын ача, ыкшып күлүп жатышты.

# КЕЧ КҮЗДӨГҮ КАР

## (ЭТЮД)

—Алишер, тур балам, эшикте кар жааптыр,-деди апасы таңкы ширин уйкуда жаткан уулуна.

—Кар?-деди бала түшүнө бербей, уйкулуу көздөрүн ушалап,—карбы? Апа биз бакчада кар менен урушуп ойнойбуз!

—А майли, туруп жуун,-деп коюп апасы чыгып кетти. Алишердин уйкусу чайыттай ачылды. Шашыла туруп, ич кийимчен эле эшикке жүгүрүп чыкты.

—Ой!...

Бала айлана-тегеректи карап, көздөрүн жүлжүйтүп туруп калды. Кичине таноолору дердендеп, көздөрү жылт-жулт эте баштады. Бул сүйүнгөнү.

—О, кар!-деди да шашылып бутуна киерге бирдеме издей баштады. Атасынын чоң батинкесин кие салып, түз эле кар кечип жөнөдү. Тездик менен эки колдоп кардан уучтады да тоголоктой салып, шагын көтөрө албай самсаалап ийилип турган алма багына ыргытты. Шытыр-шутур деп кар күүлүп түштү. Ан сайын шашып карды биринин артынан бирин тоголоктоп ыргытып жатты бала.

«Др-ш-ш-шв! Др-ш-ш-шв!»

Кечээ эле сапсары жалбырактары менен күзгү желге ыргалып турган алма багы бүгүн минтип кар алдында бута-

гын көтөрө албай ийилип турат. Кар астынан али түшүп үлгүрө элек алтындай сапсары жалбырактары көрүнөт. Анан калса айлананы ак туман каптаган. Жер да ак, асман да ак, дарак да ак, үй да ак.

Теребел жымжырт. Тек капысынан жааган кар айласын кетирип жүдөгөн чымчык сайраганга да кудурети жетпей үйүлгөн чөптүн коңулунда бирдемени шырт-шырт чокулап коёт. Бир чымчыктын чыртылдатканы, бир баланын кар күбүп өзү менен өзү согуш ойнун ойноп жатканын гана тынчтыкты бузуп тургандай.

Аңгыча апасы чыгып баланы үйгө апкирип кетти. Үйгө кирип бала түз эле терезеге жабышты. Мурду менен оозун айнекке тийгизип алып сыртты карай баштады. Заматта айнекти аппак туман каптап эч нерсе көрүнбөй калды.

Сааргы чайды ичкенден кийин апасы менен бакчага барды. Жол да, үйлөр да, бакча да аппак! Аңгыча достору көбөйүп кетти.

—Кар жакшы-деди эки бети албырган тоголок бала.
—Кар жакшы,-деди теңирекей мурун сары кыз.
—Карды мен биринчи көргөм,-деп мактанды Алишер.
—Жок, мен биринчи көргөм.
—Мен!
—Мен!
—Аяз Ата жасайбыз!
—Кар урушмай ойнойбуз!

Балдар кар тоголоктоп чурулдап ойноп жатышты. Аларды эртең мененки тамакка алып киргени чыккан эжекеси оюндарын бузбайын деп элжиреп карап турду.